## 2017-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын, атайын эсептин кирешелер жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары жөнүндө отчёт

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** 2018-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы.

**Аудит объектилери:** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жана анын ведомстволук мекемелери.

**Аудиттин максаты:** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын, атайын эсептин кирешелер жана чыгымдар сметаларынын аткарылышы.

**Аудит мезгили:** 01.01.2017-жылдан 31.12.2017-жылга чейин.

**Аудиттелген мезгилге карата каражаттарды бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелген:**

Биринчи кол коюу укугу менен:

- министр Батыралиев Т.А. – бүтүндөй аудиттелген мезгилге карата; 20.04.2018-жылдан ушул кезге чейин Чолпонбаев К.С.;
- статс-катчы Кийизбаева Ж.И. 2017-жылдын 26-декабыран чейин, 2018-жылдын 16-январынан тартып ушул кезге чейин Шадыханов К.Т.;
- министрдин орун басары: Мурзалиев А.Дж. жана Горин О. В. – бүтүндөй аудиттелген мезгилге карата.
- экинчи кол коюу укугу менен: Финансы саясаты башкармалыгынын начальниги Атакулов М.М. бүтүндөй аудиттелген мезгилге карата.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы

Мурунку аудиттердин жыйынтыктары боюнча **жазма буйруктардын** төмөндөгүдөй пункттары жарым-жартылай аткарылган жана аткарылбай калган:

- **2014-жылдын жыйынтыгы боюнча** 1 пункт жарым-жартылай аткарылган жана 1 пункт аткарылган эмес, негизинен:

- И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик медициналык академиясы боюнча пункт жарым-жартылай аткарылган, ал жерде, “Салык эмес төлөмдөр жөнүндө” Мыйзамга ылайык, мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн алынган жалпы 2548,3 миң сом суммасындагы

каражаттардан 30%ды республикалык бюджетке чегерүү талап кылынган, анын ичинен: 2013-жылга - 1174,1 миң сом жана 2014-жылга - 1374,2 миң сом. 2016-жылы республикалык бюджетке 1174,1 миң сом чегерилген, калган 1374,2 миң сом суммасы ушул кезге чейин окуу жайы тарабынан чегерилген эмес;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Кыргыз Мамлекеттик медициналык кайрадан даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту (КММКД жана КЖИ) боюнча пункт аткарылган эмес, ал жерде, ижарага алган ашкана жайы үчүн, кыймылсыз мүлк боюнча 298,6 миң сом суммасындагы салыкты С.А. Араловадан өндүрүү талап кылынган. Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун 2018-жылдын 24-декабрындагы чечими менен, келишимди бузуу чечим кабыл алынган, мүлк салыгын жана жер салыгын төлөө бөлүгүн канаттандыруудан баш тартылган, КММКД жана КЖИ тарабынан мүлк салыгын жана жер салыгын төлөө бөлүгүндө апелляциялык тартипте арыз даярдалууда.

**2015-жылдын жыйынтыгы боюнча** 1 пункт аткарылган эмес, ал жерде, Кара-Балта медициналык колледжиндеги күнөөлүү адамдар тарабынан негизсиз эсептен чыгарылган 103,0 миң сом суммасындагы бензин өндүрүлгөн эмес. Жайыл райондук сотунун 20.10.2017-жылдагы жана Чүй областтык сотунун Жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча сот коллегиясынын 2018-жылдын 13-февралындагы өкүмдөрү менен, далилденбегендигине байланыштуу, жогоруда көрсөтүлгөн талаптардан баш тартылган, анын ичинен, кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдаланылышын күнөөлөө боюнча.

**2016-жылдын жыйынтыгы боюнча** 2.2-пункту жарым-жартылай аткарылган, ал жерде, ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборлорунда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 21-майындагы №184 “Саламаттык сактоону программалык негизде каржылоо” токтомуна ылайык иштелип чыккан, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 7.08.2007-жылдагы № 291 буйругу менен бекитилген, “Беренесиз каржылоо шартында коомдук саламаттык сактоо уюмдарынын мамлекеттик бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы боюнча методикалык колдонмону” кайрадан карап чыгуу талап кылынган. Бул пунктту аткаруу менен, Саламаттык сактоо министрлигинин 03.12.2018-жылдагы № 03-1/1-16117 каты менен, тиешелүү министрликтер жана ведомстволор менен макулдашуу үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо уюмдарында ченемдик каржылоону жайылтуу боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун долбоору демилгеленген.

2016-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча жөнөтүлгөн сунуштар Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан 2018-жылы аткарууга кабыл алынган, аларды аткаруу боюнча тиешелүү буйрук чыгарылган.

## Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги (мындан ары - Министрлик) Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо тармагындагы мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарууну жүзөгө ашырган аткаруучу бийликтин борбордук органы болуп эсептелет.

Министрликтин маселеси болуп, төмөнкүлөр боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу болуп эсептелет: саламаттык сактоо кызматтарынын калкка жеткиликтүүлүгүн камсыздоо жана сапатын жогорулатуу; коомдук саламаттык сактоо; саламаттык сактоо тармактарында жеке-мамлекеттик өнөктөштүктү өнүктүрүү; бюджеттик-камсыздандыруу медицинасын жакшыртуу. Саламаттык сактоо министрлигинин иши, калктын саламаттыгын сактоонун актуалдуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча максаттуу багытталган иштерди жүргүзүүгө багытталган.

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан төмөндөгүдөй багыттар боюнча жалпы 2349,8 млн. сом суммасында 127 мекеме каржыланган:

- Коомдук саламаттык сактоонун 78 мекемеси (санэпидстанциялар жана Карантин жана кооптуу инфекциялар борборлору; Иммунопрофилактика; СПИД менен күрөшүү борборлору; саламаттык сактоо борборлору) - 646,7 млн. сом суммасында;
- 14 билим берүү мекемеси (КММА, КММКД жана КЖИ, мед. колледждер, балдар бакчалары) - 264,2 млн. сом суммасында;
- Администрлөө жана башка адистештирилген 35 мекемеси (Саламаттык сактоо министрлигинин Борбордук аппараты; борборлоштурулган иш-чара, жогорку технология жана техникалык камсыздоо фонддору; электрондук салматтык сактоо борбору; медициналык маалымат борборлору; судмедэкспертиза; адистештирилген бейтапканалар, ооруканалар, ден соолукту калыбына келтирүү жана реабилитациялоо борборлору; санаториялар жана балдар үйлөрү; кан куюу борборлору ж.б.) - 1 438,8 млн. сом суммасында.

## 2017-жылга Саламаттык сактоо министрлигинин бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн талдоо

"2017-жылга республикалык бюджет жана 2018-2019-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин бюджети башында **4 256,0 млн. сом** суммасында бекитилген, анын ичинен:
- бюджеттик каражаттар – 2448,1 млн. сом (жалпы бюджеттен 57,6 %);
- атайын каражаттар – 846,2 млн. сом (19,8 %);
- өнүгүү бюджети (МИП) – 961,7 сом (22,6 %).

2017-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин такталган бюджети бекитилген параметрлерден **178,9 млн. сомго** же 4,2 %га көбөйүү менен, **4434,9 млн. сомду** түзгөн.

Кассалык чыгымдар 3685,6 млн. сом суммасында же кассалык чыгымдарды аткаруу бекитилген бюджетке карата 86,6%ды түзгөн, такталган бюджетке карата - 83,1%.

2017-жылга Саламаттык сактоо министрлигинин бюджетинин аткарылышы, каржылоо булактары боюнча төмөндөгү маалыматтар менен мүнөздөлгөн:

млн. сом

| **Аталышы** | **2016-ж. Факт** | **2017 -ж. бекит-илген бюджет** | **2017-ж. тактал-ган бюджет** | **Тактал-гандын бекитил-генден четтөөсү** | **2017-ж. касса-лык аткары-лышы** | **кассалык чыгым-дардын бекитил-генден четтөө-сү** | **Касса-лык атка-руу, %** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 3214,4 | 4256 | 4434,9 | 178,9 | 3685,6 | -742,6 | 83,2% |
| Бюджеттик каражаттар | 2367,8 | 2448,1 | 2802,5 | 354,4 | 2349,8 | -452,7 | 83,8% |
| Атайын каражаттар | 769 | 846,2 | 1202,0 | 355,8 | 943,2 | -258,8 | 78,4% |
| Мамлекеттик инвестициялар | 77,6 | 961,7 | 430,4 | -531,3 | 392,6 | -37,8 | 91,2% |

Жалпысынан Саламаттык сактоо министрлиги боюнча каржылоо жана кассалык чыгымдар **3685,6 млн.сомго** жүргүзүлгөн, же 83,2 % деңгээлинде же **742,6 млн.сомго** жеткире каржыланган эмес, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча - 452,7 млн.сомго, атайын каражаттар боюнча - 258,8 млн.сомго жана МИП - 37,8 млн.сомго. Мында, 2016-жылга салыштырмалуу, атайын каражаттардын көлөмүнүн 174,2 млн.сомго, МИП каражаттарынын 315,0 млн.сомго көбөйүшүнүн жана бюджеттик бөлүнгөн акча каражаттарынын көлөмүнүн 18,0 млн.сомго азайышынын эсебинен, Саламаттык сактоо министрлигинин бюджетинин жалпы көлөмү 471,2 млн.сомго көп аткарылган.

2017-жылга Саламаттык сактоо министрлиги боюнча аткарылган параметрлер ИДПга карата 0,7%ды жана Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин жалпы чыгымдарынан (атайын каражаттарды, тышкы гранттарды жана МИП насыяларын эске алуу менен) 2,3 %ды түзгөн. 2016-жылга салыштырмалуу, ИДПга карата көрсөткүч 0,2 пайыздык пункттан төмөн жана республикалык бюджеттин чыгымдарына карата да 0,2 пайыздык пункттан төмөн түзүлгөн (2016-жылы – ИДПга карата 0,8 % жана республикалык бюджеттин жалпы чыгымдарына карата 21%).

Саламаттык сактоо министрлигинин бюджетинин бекитилген көрсөткүчтөрү жалпысынан **178,9 млн. сомго** көбөйтүлгөн. Көбөйтүү бюджеттик каражаттар боюнча **354,4 млн. сомго** (14 %) жана атайын каражаттар боюнча **355,8 млн.сомго** (29,6 %) жүргүзүлгөн, негизинен, келип түшкөн гранттык каражаттардын эсебинен. Бюджеттик каражаттар боюнча бекитилген көрсөткүчтөргө маалымкат-билдирүүлөр менен киргизилген өзгөртүүлөрдүн тизмеси №1 тиркемеде тиркелет.

Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.07.2005-жылдагы №280 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосун бюджеттик каржылоонун минималдуу стандарттары жөнүндө” токтомуна ылайык, бюджеттик каржылоонун минималдуу стандарттарынын негизинде саламаттык сактоо уюмдарынын бюджеттерин түзүү ишке ашырылбагандыгын белгилей кетүү керек, ал боюнча ченемдер Финансы министрлиги менен биргелешип, 2006-жылдан тартып аныкталган эмес. Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан каржыланган мекемелер боюнча чыгымдар сметасы, Ооруларды профилактикалоо жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментинин (мындан ары – ОПжанаМСЭКД) мекемелеринен башкалары, өткөн жылдагы каржылоо деңгээлинде, чыгым ыкмасы боюнча түзүлгөн.

ОПжанаМСЭКД мекемелери боюнча бюджет, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 7.08.2007-жылдагы № 291 буйругу менен бекитилген, “бернесиз каржылоо шартында коомдук саламаттык сактоо уюмдарынын бюджеттерин түзүү жана аткаруу боюнча методикалык колдонмодо” бекитилген ченемдерге ылайык, жан башына каржылоо принциби боюнча түзүлгөн. Бирок, ОПжанаМСЭКДдин кээ бир райондук (шаардык) борборлорунун бюджеттеринин көлөмү, жан башы принциби боюнча эсептелген, тейленүүчү калктын саны аз болгон жерде, мурунку жылдагы факты жүзүндөгү чыгымдарга салыштырмалуу бир топ аз болуп калган. Буга байланыштуу, жыл ичинде алар боюнча бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары, өткөн жылдагы факты жүзүндөгү денгээлге чейин жеткирилген.

Кыргыз тарап, ошондой эле донор тараптан инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу кармалгандыгына байланыштуу, Мамлекеттик

инвестициялардын долбоорлору боюнча бекитилген параметрлер **531,3 млн. сомго** (55,2 %) азайтуу менен, **430,4 млн. сомго** чейин азайтылган.

**“Ден соолук” Улуттук программасынын аткарылышын талдоо**

Учурда, 2013-2017-жылдарга туруктуу өнүгүү стратегиясынын артыкчылыктарын эске алуу менен, 2012-2018-жылдарга “Ден соолук” улуттук программасынын алкагында республикада саламаттык сактоону реформалоо жүрүп жатат.

«Ден соолук» программасы саламаттык сактоо тутумун реформалоо боюнча мурунку «Манас» жана «Манас Таалими» программаларынын тажрыйбаларын эске алуу менен иштелип чыккан, аларды логикалык жактан улантуучу болуп эсептелет жана 4 артыкчылыктуу: жүрөк - кан тамыр оорулары, бала менен эненин ден соолугу, кургак учук жана ВИЧ-инфекция багыттары боюнча конкреттүү максаттарга жетүүгө багытталган.

Ден соолукту чыңдоо планында күтүлгөн жетишкендиктер, саламаттык сактоо тутумунун 5 негизги функциялар бөлүгүндө ишке ашырылышы керек: коомдук саламаттык сактоо, Жеке медициналык кзыматтарды көрсөтүү, Саламаттык сактоо тутумун каржылоо, Ресурстарды түзүү жана стратегиялык башкаруу.

*Жүрөк - кан тамыр оорулары*

Жүрөк - кан тамыр оорулары боюнча "Ден соолук" программасынын күтүлгөн жыйынтыктары, Жүрөк - кан тамыр ооруларынан өлүм санын жыл сайын 1,0%ге азайтуу.

Жүрөк - кан тамыр ооруларынан өлүм санынын өткөн жылдарга салыштырмалуу азаюу байкалууда.

| Индикатор/жылдар | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жүрөк - кан тамыр ооруларынан өлүм санын азайышы (100 калк боюнча) | 331,2 | 308,2 | 307,0 | 297,0 | 279,7 | 276,1 |

Кан айлануу системасындагы оору боюнча өлүм, калк арасында өлүм санынын себептеринин түзүмүндө 2015-16-жылдарга карата 50,8% деңгээлин түзүү менен, абдан жогору бойдон калууда,

*Бала менен эненин ден соолугун коргоо*

Жаңы төрөлгөн баланын жана эненин ден соолугу маселеси боюнча “Ден соолук” программасынын көрсөткүчтөрү жана натыйжалары боюнча күтүлгөн жакшыртуулар:

1. Эне өлүмүнүн деңгээлин азайтуу.
2. Неонаталдуу эрте өлүмдүн деңгээлин 2018-жылга карата 10%га төмөндөтүү.
3. 2017-2018-жылдары 1000 тирүү төрөлгөн балдарга 21,0 деңгээлинде (5 жашка чейин) балдар өлүмүнүн көрсөткүчүн кармоо.

**Бөбөктөрдүн өлүмүнүн көрсөткүчү.** 2017-жылы бөбөктөрдүн өлүмүнүн көрсөткүчтөрү 4,5%га кыскаргандыгы белгиленген, Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча, бөбөктөрдүн өлүмүнүн көрсөткүчү, 2016-жылы 1000 тирүү төрөлгөнгө 16,6 көрсөткүчүнө каршы, 15,6 түзгөн. Мында, абдан жогорку бөбөктөрдүн өлүмүнүн көрсөткүчтөрү Ош шаарында - 1000 тирүү төрөлгөндөргө 51,3.

2017-жылы Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча, энелердин өлүмү 1,4%га көбөйгөндүгү белгиленген, энелердин өлүмүнүн көрсөткүчү, 2016-жылы 1000 тирүү төрөлгөндөргө 30,3 көрсөткүчүнө каршы 31,7%ды түзгөн. Энелердин өлүмүнүн жогорку көрсөткүчү Ош шаарында болгондугун, б.а. 1000 тирүү төрөлгөндөргө карата 64,9 түзгөндүгүн, белгилей кетүү керек.

| № | Көрсөткүчтөрө | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Энелердин өлүмү (1000 тирүү төрөлгөндөргө) | **50,3** | **39,2** | **50,7** | **38,5** | **30,3** | **31,7** |
| 2 | Балдардын өлүмүнүн көрсөткүчү (1000 тирүү төрөлгөндөргө) | **23,4** | **23,2** | **23,0** | **21,5** | **19,7** | **18,0** |
| 3 | Бөбөктөрдүн өлүмүнүн көрсөткүчү (1000 тирүү төрөлгөндөргө) | **20,0** | **19,9** | **20,2** | **18,0** | **16,6** | **15,6** |
| 4 | Баштапкы вакцианалдык комплекси менен камтылган 2 жашка чейинки балдардын үлүшү | **96,5** | **96,8** | **95,8** | **96,9** | **96,9** | **96** |

*Кургак учук*

Кургак учук боюнча “Ден соолук” программасын аткаруунун көрсөткүчтөрү жана натыйжалары боюнча күтүлгөн жакшыртуулар:

- кургак учуктан өлүмдү 2018-жылга карата 100 миң калкка 6дан аз учурга азайтуу;
- кургак учук оорусун 2016-жылга карата 100 миң калкка 92ден аз учурга азайтуу.

2017-жылы республикада 100 миң калкка 90,3 түзүү менен, кургак учук оорусунун көрсөткүчүнүн 3,1%га азайгандыгы белгиленген (2016-ж. – 93,4). Кургак учук оорусунан калктын өлүмүнүн көрсөткүчү, 2016-жылы 100,0 миң калк боюнча 5,6%га каршы 5,2%ды түзгөн.

*ВИЧ-инфекция*

ВИЧ-инфекциясы боюнча “Ден соолук” программасын аткаруунун көрсөткүчтөрү жана натыйжалары боюнча күтүлгөн жакшыртуулар:

- ВИЧ-инфекциясын жайылышынын концентрацияланган баскычын кармап туруу.

Коюлган маселени биринчи кезекте чечүү болуп, тестирлөө көлөмүн көбөйтүү эсептелет. 2018-жылдын 1-январындагы абал боюнча 7948 ВИЧ-позитивдүү адамдар (кумулятивдүү) аныкталган, анын ичинен, 7532 –

Кыргыз Республикасынын жарандары. 1741 адам (кумулятивдүү) каза болгон, анын ичинен, СПИДден – 544 адам. Өлкөдө 4 мобилдүү клиникалар иштейт, алар алыскы региондогу какты тейлөөгө багытталган.

2012-2018-жылдарга «Ден соолук» программасын ишке ашырууда донорлордун салымы төмөндөгүдөй суммада пландалган: Кыргыз Республикасындагы кызматташуу боюнча Швейцариялык бюро – ***11,96 млн. АКШ $,*** Дүйнөлүк банк – ***12,1 млн. АКШ $*** (анын ичинен 55% - насыя, 45% - грант) жана Немец өнүгүү банкы (KfW) – ***16 млн. евро***.

2017-жылы донор коомчулугу менен келишимге ылайык, SWAp-2 алкагында 773,4 млн. сом (7,6 млн. АКШ доллары жана 3,027 млн. евро) суммасында каражаттар келип түшкөн, алардын ичинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун кезектеги чыгымдарына жардам кылууга - 386,7 млн. сом, Саламаттык сактоо министрлигине инвестициялык чыгымдарга - 386,7 млн. сом багытталган.

### Мамлекеттик инвестициялар программаларынын алкагында Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан долбоорлордун ишке ашырылышына жүргүзүлгөн аудит

Мамлекеттик инвестициялар программаларынын алкагында Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан төмөндөгү долбоорлор ишке ашырылууда:

миң сом

| **Долбоордун аталышы** | **Бекитилген бюджет** | **Такталган бюджет** | **2017-жылдын 12 айына карата бюджет-тин аткарылышы** | **Бекитилген бюд-жеттен %да аткарылышы** | **Такталган бюд-жеттен %да аткарылышы** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Шашылыш медицинанын улуттук тутумун түзүү (КфВ) - 1 (Грант)** | 68 806,2 | 157 421,3 | 144 395,7 | 209,9 | 91,7 |
| **Шашылыш медицинанын улуттук тутумун түзүү (КфВ) - 2 (Грант)** | 135 949,0 | 94 537,7 | 92 419,7 | 69,0 | 97,7 |
| Кошо каржылоо | 11 995,5 | - | - | - | - |
| **«Саламаттык сактоо жана социалдык коргоо»** | 47 982,0 | 45 936,0 | 43 829,4 | 91,3 | 95,4 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **долбоору - 3,4 (КфВ) (Грант)** | | | | | |
| **Кургак учук менен күрөшүү III-IV (КфВ) (Грант)** | - | 967,4 | 964,3 | - | 99,7 |
| **Кургак учук менен күрөшүү -V (КфВ) Грант** | 127 225,0 | 13 384,1 | 13 377,5 | 10,5 | 99,9 |
| Кошо каржылоо | 15 994,0 | 6 320,0 | 3 615,3 | 22,6 | 57,2 |
| **ВИЧ СПИДди профилактикалоо программасы 1 (Грант)** | - | 1 197,1 | 1 196,6 | 0,00 | 99,9 |
| **ВИЧ СПИДди профилактикалоо программасы 2 (Грант)** | 69 230,0 | 37 932,0 | 35 890,7 | 51,8 | 94,6 |
| **Энени жана баланы коргоо IV-V (КфВ)** | 181 750,0 | 52 026,0 | 51 802,2 | 28,5 | 99,6 |
| Кошо каржылоо | 31 988,0 | 20 630,0 | 19 899,0 | 62,2 | 96,5 |
| **Энени жана баланы коргоо VI (КфВ) (Грант)** | 39 985,0 | - | - | - | - |
| **Бишкек шаарынын Медициналык тез жардам балдар клиникалык ооруканасынын жаңы корпусунун курулушу (Сауд өнүктүрүү фондунун кредити)** | 145 400,0 | - | - | - | - |
| **Улуттук госпиталдын нейрохирургиялык борборун куруу жана жабдуу (араб экономикалык өнүктүрүү кувейт фондунун кредити)** | 145 400,0 | - | - | - | - |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫ:** | **1 021 704,7** | **430 351,6** | **407 390,5** | **39,9** | **94,7** |
| **Грант** | **670 927,2** | **403 401,6** | **383 876,2** | 39,9 | 95,2 |
| **Кредит** | **290 800,0** | **-** | **-** | | |
| **Кошо каржылоо** | **59 977,5** | **26 950,0** | **23 514,3** | 39,2 | 87,2 |

Долбоорлорду ишке ашыруунун максаты жана мөөнөтү, ошондой эле долбоорлор боюнча пландалган иш-чаралардын аткарылбаган себептерин толук баяндоо №13 тиркемеде тиркелген.

Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан ишке ашырылуучу мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун кармалып жаткандыгынын жана акча каражаттарынын өз убагында өздөштүрүлбөшүнүн негизги себеби болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

- долбоорлорду ишке ашыруу үчүн консультанттарды тандоо маселеси доорлор тарабынан кечиктирүү, долбоорлорду ишке ашыруунун кечигип башталышы;
- тышкы инженердик тармактар маселесин чечүү;
- медициналык жабдууларды, долбоордук-сметалык, курулуш жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча тендерлерди өткөрүүнүн узакка созулган жол-жоболору, товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча тендердик документтерди жана техникалык өзгөчөлүктөрдү донорлор менен макулдашуу процессинин кечиктирилиши.

Пландалган мөөнөттөн бир кыйла артта калган долбоорлорду, белгилей кетүү керек:

- Кургак учук менен күрөшүү III-IV (КфВ), кургак учуктун ар кандай формаларын диагностикалоо жана дарылоону жакшыртууга, модулдук референс лабораторияны курууга 5000,0 миң евро суммасында грант бөлүнгөн, макулдашуу боюнча долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү 2008-2015-жылдар, 700,0 миң евро өздөштүрүлбөй калган;
- Кургак учук менен күрөшүү III-IV (КфВ), Бишкек шаардык кургак учукка каршы оорукананын жаңы корпусунун курулушу үчүн, 7200,0 миң евро суммасында грант бөлүнгөн, долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү 2008-2015-жылдар, 31.12.2017-жылдарга карата бөлүнгөн каражаттардын жалпы суммасынан 5,3% же консультациялык кызматтарга болгону 384,4 миң евро өздөштүрүлгөн. Бишкек шаардык кургак учукка каршы оорукананын жаңы корпусунун курулушу, Бишкек шаарынын мэриясынын Башкы архитектурасы, Саламаттык сактоо министрлиги, Финансы министрлиги жана КфВ банкы тарабынан курулуш иштерине уруксат берүүчү документтерди жана долбоордук-сметалык макулдашууларды кечиктирүүгө байланыштуу кеч башталган;

Энени жана баланы коргоо IV-V (КфВ), Бишкек шаарындагы Перинаталдык борборду куруу жана программалык региондо жаңы төрөлгөн оорулуу ымыркайларды жана боюнда бар аялдарды медициналык жактан тейлөөнү жакшыртууга 10500,0 миң евро суммасында грант бөлүнгөн, бул долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү 2013-2019-жылдар, бирок 31.12.2017-жылга карата болгону 969,9 миң евро же 9,2% өздөштүрүлгөн. Перинаталдык борбордун жаңы корпусун курууга 2 500,0 миң евро каралган, факты жүзүндө 561,6 миң евро өздөштүрүлгөн. Өздөштүрүүнүн кечиктирилишинин негизги себеби болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

Саламаттык сактоо министрлигинен жана КфВ банкынан контрактты жактырууну алуу, контракттын шарттарын түзүү жана подрядчылар менен макулдашуу, Саламаттык сактоо министрлигинен жана КфВ банкынан тендердик сунуштарды баалоо отчетуна жактырууну алуу процессинин кечиктирилиши, ошондой эле колдонуудагы тышкы тармактарды которуу;

- Энени жана баланы коргоо VI (КфВ), Ош шаарындагы Перинаталдык борборду куруу 10000,0 миң евро грант бөлүнгөн. 2017-жылдын бюджетинде Саламаттык сактоо министрлигинин табыштамасы жок туруп, 39850,0 миң сом бекитилген;
- “Бишкек шаарынын Медициналык тез жардам балдар клиникалык ооруканасынын курулушу” долбоору, Саламаттык сактоо министрлигинин табыштамасы жок туруп, бул долбоордун бюджети 145400,0 миң сом суммасында бекитилген. Бул долбоорду каржылоо жөнүндө макулдашууга 2017-жылдын 17-майында, Сауд өнүктүрүү фондунун кредит каражаттарынын эсебинен 30000,0 миң АКШ доллары суммасында кол коюлган, ал эми 2017-жылдын 3-августунда ратификацияланган, бул болсо, бекитилген сумманы өздөштүрбөөнүн себеби болуп калган. Каржылоону жабуу датасы болуп, 2019-жылдын 31-декабры эсептелет, бирок макулдашуу менен, абдан кеч дата белгиленген, аны Сауд өнүктүрүү фонду аныктайт. Кредит каражаттарын пайдалануу мөөнөтүү 22 жылды түзөт, пайыздык коюм – 1%. Макулдашуу боюнча биринчи төлөм 15.11.2021-жылы жүргүзүлөт. 2018-жылдын аягында долбоор башталган эмес.
- “Улуттук госпиталдын нейрохирургиялык борборун куруу жана жабдуу” долбоору, Саламаттык сактоо министрлигинин табыштамасы жок туруп, бул долбоордун 2017-жылга бюджети 145 400,0 миң сом суммасында бекитилген. Булактары: 20400,0 миң АКШ доллары суммасындагы Араб экономикалык өнүктүрүү кувейт фондунун кредити, кредит каражаттарын пайдалануу мөөнөтү 25 –жылды түзгөн, пайыздык коюм - 1%. Макулдашууга ылайык биринчи төлөм, кредиттик карыздарды биринчи төлөө датасынан тартып, жеңилдетилген 4 жылдык мезгил өткөндөн кийин жүргүзүлөт. 2018-жылдын аягында долбоор башталган эмес.

**ПРООНдун Глобалдуу фондунун долбоору**

2014-жылы ВИЧ, кургак учук жана безгек менен күрөшүү боюнча өлкө боюнча координациялык механизм, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине ПРООНдун Глобалдуу фондунун (ГФ) гранттарын тескөөнү берүү жөнүндө чечим кабыл алган. Анын жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдында ГФ долбоорлорун тескөө тобу түзүлгөн, гранттарды тескөөгө өтүү планы жана гранттарды тескөө жөндөмдүүлүгүн камсыздоо үчүн, Саламаттык сактоо министрлигинин потенциалын жогорулатуу планы иштелип чыккан, ал эми ГФ Саламаттык сактоо министрлигинин потенциалын жогорулатуу жана өтүү планын ишке ашыруу үчүн каражаттарды бөлгөн.

2017-жылга Саламаттык сактоо министрлигинин ГРП эсебине 36186,6 миң сом келип түшкөн, анын ичинен, төмөндөгүдөй чыгымдар жүргүзүлгөн:

- Фтизиатрия улуттук борбору жана кургак учук менен күрөшүү боюнча, Ысык-Көл, Нарын, Талас, Ош областтык борборлорундагы суб-алуучулар тарабынан СПИД, кургак учук жана безгек менен күрөшүү боюнча иштерди жүргүзүү үчүн– 20 909,8 миң сом;
- Эмгек акыга жана Соцфондго төгүмдөр – 10 173,3 миң сом;
- Кызматтык командировкаларга чыгымдар – 705,4 миң сом;
- Байланыш кызматына – 103,3 миң сом;
- Жана башка товарларды жана кызматтарды сатып алууга - 2618,6 миң сом;
- Күндөлүк чарбалык максаттар үчүн буюмдарды сатып алууга – 36,5 миң сом;
- Коммуналдык кызматтарга – 58,1 миң сом.

2017-жылдын аягында 1581,6 миң сом суммасындагы акча каражаттарынын калдыктары ПРООНго чегерилген.

Каражаттары натыйжасыз өздөштүрүүгө байланыштуу, Глобалдуу фонд Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине гранттарды тескөөнү мындан ары берүү мүмкүн эместиги жөнүндө Вице-премьер министрге маалымдаган. Ошентип, гранттарды тескөө кайрадан ПРООНго кайтарылган.

**Борборлоштурулган иш-чаралар**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2012-жылдын 29-мартындагы №153 буйругу менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин борборлоштурулган иш чаралары жөнүндө” Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин борборлоштурулган иш чаралары (мындан ары - БИ) – борборлоштурулган сатып алууларды, капиталдык ондоону, дем берүүчү программаларды төлөөнү жана башка иш-чараларды камсыздоочу иш-чара.

2017-жылга Борборлоштурулган иш чаралар боюнча бекитилген чыгымдар **823,3 млн. сомду** түзгөн. Борборлоштурулган иш чаралары Пландалган параметрлерди тактоо **230,1 млн. сомго** (27,9 %) көбөйүү менен, **1053,5 млн. сомго** чейин жүргүзүлгөн. Кассалык чыгымдар **700,9 млн. сомго** жүргүзүлгөн же 66,5%га аткарылган. Борборлоштурулган иш чаралар боюнча бекитилген көрсөткүчтөргө киргизилген өзгөртүүлөр маалымкат-билдирүүлөр менен *№1 тиркемеде тиркелген.*

2017-жылга Борборлоштурулган иш чаралар боюнча чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн талдоо, “Эмгек акы” беренеси боюнча чыгымдар сметасына адегенде, “Врачтын депозити”

программасы боюнча **23874,8 миң сомго** төлөм чыгымдары пландалгандыгын көрсөткөн. Бирок, “Врачтын депозити” программасы боюнча айыл жергесинде врачтар толук болбогондуктан, каражаттын **6360,7 миң сом** суммасындагы бир бөлүгү, 01.09.2017-жылдан тартып ведомстволук мекемелердин техникалык тейлөө персоналдарынын (ТТП) жана кенже тейлөө персоналдарынын (КТП) эмгек акыларын жогорулатуу үчүн кайрадан бөлүштүрүлгөн. *“Врачтын депозити” программасы боюнча врачтарга төлөм каражаттары, айыл жергесиндеги кадрлардын жетишсиздиги жана эмгек акынын аздыгынан, алардын иштен кетиши предметине талдоо жүргүзүлбөстөн туруп, каралган.*

*«Командировкалык чыгымдар»* беренеси боюнча **2545,8 миң сом** суммасындагы чыгымдар бекитилген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.09.2017-жылдагы №417 буйругунун негизинде, каражаттарды кошумча бөлүүгө байланыштуу, көбөйүү жагында **9707,2 миң сомго** чейин жүргүзүлгөн. Кассалык чыгымдар **5445,2 миң сомго (56%)** аткарылган. Бул берененин эсебинен, Бишкек шаарындагы мекемелерден врачтарды жөнөтүү жолу менен, алардагы врачтык персоналдын төмөн квалификациясын көйгөйүн чечүүгө багытталган, республиканын региондору боюнча иш-чаралар өткөрүлөт.

*«Транспорттук кызматтар»* беренеси боюнча чыгымдар **2308,1 миң сомго** бекитилген, **чыгымдарды** 682,6 миң сомго азайтуу менен, тактоо **1625,5 миң сомго** чейин жүргүзүлгөн. Борборлоштурулган иш-чаралар боюнча Жобого ылайык, бул чыгымдар беренесинде республиканын региондоруна жогорку квалификациялуу медициналык жардамды көрсөтүү үчүн түзүлгөн көчмө бригадалардын адистеринин транспорттук чыгымдары каралган. Кассалык чыгымдар 1220,0 миң сомго (75%) аткарылган.

*«Жана башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу»* беренеси боюнча чыгымдар **356590,4 миң сомго** бекитилген, чыгымдарды **89014,1** миң сомго көбөйтүү менен, тактоо **445604,5 миң сомго** чейин жүргүзүлгөн.

Чыгымдардын бул беренесине берилген эсептөөлөргө ылайык, 225000,0 миң сомго гемодиализ кызматы көрсөтүлгөн, Дары-дармек жана медициналык техника менен камсыздоо департаментине – 81700,0 миң сом, окуу боюнча сатып алуу планына ылайык – 4253,6 миң сом, консультанттардын, тышкы аудиттин, бажылык тазалоонун ж.б. эмгек акыларына – 67918,4 миң сом. Кассалык чыгымдар 299695,8 миң сомго (67,3%) аткарылган, факты жүзүндө чыгымдар 445604,5 миң сомго жүргүзүлгөн. Техникалык камсыздоо фонду (ТКФ) үчүн - 4000,0 миң сом, кезектеги эл аралык гранттардын карызын төлөө жана соттордун чечимдери боюнча чыгымдарга - 282,2 миң сом жылдырылган.

*“Медициналык багыттагы буюмдарды жана медикаменттерди сатып алуу”* беренеси боюнча чыгымдар **212800,0 миң сомго** бекитилген, тактоо **95297,8 миң сомго** көбөйүү менен, **308097,8 миң сомго** жүргүзүлгөн. Бул чыгымдар беренесинде диабетке жана кургак учукка

карышы препараттарды, вакциналарды сатып алуу каралган. Кассалык чыгымдар 255019,1 миң сомго (82,8%) аткарылган. Жыл ичинде бекитилген чыгымдар 45600,0 миң сомго азайтылган, анын ичинен, саламаттык сактоо уюмдарынын сметасына– 23000,0 миң сом (Республикалык имунизация борборун кошо каржылоо), Жогорку технологиялар фондусунун (ЖТФ) сметасына - 22600,0 миң сом жылдырылган. Ошол эле учурда, чыгымдар 140448,7 миң сомго көбөйгөн, анын ичинен, Премьер-министрдин 07.09.2017-жылдагы №390 буйругуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин чечими боюнча бюджеттен кошумча бөлүнгөн – 140000,0 миң сом, бул каражат диабетке каршы препараттарды жана неонаталдык скринингди сатып алууга багытталган жана Премьер-министрдин 07.09.2017-жылдагы №392 буйругунун негизинде, Памирде жашаган этникалык кыргыздарга гуманитардык жардамга - 448,7 миң сом.

*«Коммуналдык кызматтар»* беренеси боюнча чыгымдар **18028,3 миң сомго** бекитилген, тактоо **12121,0 миң сомго** азайтуу менен, **5907,3 миң сомго** чейин жүргүзүлгөн. Каржылоо болгон эмес. Кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн эмес. *Чыгымдардын бул беренеси сметада негизсиз каралган, анткени, борборлоштурулган иш-чаралар аны күтүү боюнча кандайдыр бир уюмдун чыгымдарын болжолдобойт, б.а. факты жүзүндөгү каражаттар резерв катары каралган.*

"Кезектеги чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" беренеси боюнча чыгымдар **186,8 миң сомго** бекитилген, тактоо **837,6 миң сомго** көбөйүү менен, **1024,4 миң сомго** жүргүзүлгөн. Кассалык чыгымдар 322,2 миң сомго (31,5%) аткарылган.

*"Машиналар жана жабдуулар"* беренеси боюнча чыгымдар **171112,5 миң сомго** бекитилген, тактоо **87700,0 миң сомго** көбөйүү менен, **258812,5 миң сомго** жүргүзүлгөн. Бул чыгымдар беренесинде, сатып алуулар планына ылайык медициналык жана башка жабдууларды сатып алуу каралган. Кассалык чыгымдар 119009,3 миң сомго (46%) аткарылган.

Борборлоштурулган иш-чараларда, конкреттүү мекемелердин сметаларында пландалышы мүмкүн болгон чыгымдар пландала тургандыгын, белгилей кетүү керек. Мисалы, КТП жана ТТП эмгек акыларын жогорулатууну, 3 жыл ичинде этап менен жыл сайын жогорулатуу аркылуу, 2015-жылы кабыл алынган жогорулатуу боюнча ченемдик документ катары, саламаттык сактоо уюмдарынын чыгымдар сметаларында кароого болот эле.

## Жогорку технологиялык (кымбат турган) медициналык жардамдын түрлөрүн көрсөтүү боюнча чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 7-майындагы № 287 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жогорку технологиялык (кымбат турган) медициналык жардамдын түрлөрүн көрсөтүү фондун түзүү жөнүндө” Жобосуна ылайык, Фонд өзүнүн ишин, алардын наркын жарым-жартылай же толук жабуу жолу менен, республиканын калкы үчүн жогорку технологиялык (кымбат турган) медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу максатында жүргүзөт.

Фонддун каражаттарын бөлүштүрүүчү болуп, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги эсептелет.

2017-жылга Жогорку технологиялар фонду (мындан ары – ЖТФ) боюнча бекитилген бюджет, “Медициналык багыттагы буюмдарды жана медикаменттерди сатып алуу” беренеси боюнча 241 500,0 миң сомду түзгөн. Такталган смета 264 100,0 миң сомду түзгөн. 216 105,5 миң сомго (81,8 %) каржыланган жана кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн, анын ичинен, төмөндөгүлөргө багытталган:

- “Жасалма бөйрөк” аппараты үчүн медикаменттерди жана реактивдерди жана башка бөйрөк салынган оорулар үчүн медикаменттерди сатып алууга - 157,6 млн. сом же 72,9%;
- башка жогорку технологиялык кызматтар үчүн (жүрөк-кан тамыр, онкологиялык, травматологиялык, нейрохирургиялык ж.б. оорулар) медицина багытындагы буюмдарды (МББ) жана медикаменттерди сатып алууга– 58,5 млн. сом же 27,1%.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (ММКФ) тарабынан каржыланган саламаттык сактоо уюмдарында Жогорку технологиялар фондунун каражаттарынын эсебинен сатып алууларды пландоо, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан медикаменттер жана медициналык буюмдар боюнча бөлүштүрүлгөн көлөмүндө жүргүзүлөт. Региондор боюнча саламаттык сактоо уюмдарына Жогорку технологиялар фондунун каражаттарын бөлүштүрүүнү (квота), жогорку технологиялар жаатында республиканын жетектөөчү адистеринен турган, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин эксперттик комиссиясы жүргүзөт.

Саламаттык сактоо уюмдары боюнча жогорку технологиялык керектөөлөр толук эмес көлөмдө канааттандырылат жана **15,3 %дан 99,0** ***%га*** чейинки чекте өйдө-ылдый болуп турат. Мисалы, Жүрөк хирургиясы жана трансплантациялоо илимий-изилдөө институту (НИИХСиТО) үчүн, план боюнча 9,8 млн. сом бөлүнгөн, факты жүзүндө 1,5 млн. сом бөлүнгөн, бул болсо, мекеменин керектөөсүнөн 15,3%ды түзөт. Жүрөк хирургиясы жана трансплантациялоо илимий-изилдөө институтунун Түштүк борбору үчүн, план боюнча 7,9 млн. сом бөлүнгөн, факты жүзүндө 16 млн. сом бөлүнгөн, бул болсо, мекеменин керектөөсүнөн 202,5% ды түзөт. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 7-майындагы № 287

токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жогорку технологиялык (кымбат турган) медициналык жардамдын түрлөрүн көрсөтүү фондун түзүү жөнүндө” Жобосунун 3-беренеси бузулган, ал жерде Фонддун иштөө негизги принциптери болуп төмөндөгүлөр эсептелген деп көрсөтүлгөн: каржылоо көлөмүнүн ачыктыгы, калк үчүн жогорку технологиялык (кымбат турган) медициналык жардамдын бирдей экономикалык жана физикалык жеткиликтүүлүгү, каражаттарды максаттуу жана рационалдуу пайдалануу.

*Жогорку технологиялык (кымбат турган) медициналык жардамдын көрсөтүлүшүн жана Фонддун колдонулушун талдоо, төмөндөгүлөрдү көрсөткөн:*

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан саламаттык сактоо уюмдары менен эсептешүүлөр бекитилбеген ФВТ-1 отчеттуулук формасында жүргүзүлөт;
- жогорку технологиялык (кымбат турган) медициналык жардамга муктаж болгондордун кезекте турган тизмеси (жамбаш сөөгү жана гемодиализ процедураларынан сырткары) калыс жана ачык түзүлгөндүгү күмөн жаратат, анткени, электрондук кезек жок, кагаз жүзүндө эркин формада түзүлөт;
- динамикада Фонддун каражаттарынын өздөштүрүлүшү талданган эмес, демек, Фонддун максаттарына жетишине мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

Аудиттелген мезгилге карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде Фонддун сатып алуу планы жалпы 241,5 млн. сом сумасындагы 14 конкурстук тоорук пландалган, анын ичинен: “Жасалма бөйрөк” аппараты үчүн чыгым материалдары - 126,9 млн. сом, “Жасалма бөйрөк” аппараты үчүн медикаменттер, эритропоэтин - 18,8 млн. сом, бөйрөгү алмаштырылган оорулуулар үчүн медикаменттер, иммуносупрессорлор - 25,2 млн. сом, жогорку технологиялык медициналык кызматтар үчүн медикаменттер жана МББ – 70,6 млн. сом, анын ичинен: кардиохирургических операциялар үчүн МББ - 9,8 млн. сом, стенттирлөө үчүн МББ топтому - 7,9 млн. сом, кан тамыр операциялары үчүн МББ - 5,0 млн. сом, окклюдерлер, контрасттык заттар – 14,7 млн. сом, онкология менен ооруган балдар үчүн дары-дармек химия препараттары - 9,0 млн. сомов, суюк жана газ түрүндөгү гель - 2,0 млн. сом, тромбоконцентрат жана химия препараттары үчүн чыгым материалдары - 3,2 млн. сом, онкологиялык гемотологиялык оору менен ооруган балдар үчүн дары-дармек химия препараттары, травмотологиялык, нейрохирургиялык жана жүрөк кан тамыр операциялары үчүн МББ – 6,0 млн. сом, жамбаш сөөк жана тизе эндопротездер - 10,0 млн. сом, вентикулоперитонеалдык шунт, нейроэндоскоп, плазмаферез, нефрология жана сурфактант - 3,0 млн. сом. Жалпы **217,3 млн. сом** суммасында келишимдер түзүлгөн.

Бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын чегинде, бул чыгымдардын баардыгы министр тарабынан бекитилген, Мамлекеттик сатып алуулар планына киргизилген, акыркы өзгөртүүлөр 08.12.2017-жылдагы № 10 буйрук менен жүргүзүлгөн.

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пункту мониторинг жүргүзүүнү талап кылат. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан жүргүзүлгөн конкурстарга жүргүзүлгөн тандалма аудиттин жыйынтыгы боюнча, сатып алуулар планында каралган бааларга мониторинг, конкурс өткөргөнгө чейин медициналык багыттагы буюмдардын жана дары-дармек препараттардын коюлган бааларына карата фармацевтикалык компаниялардан суроо-талап аркылуу жүргүзүлгөн, жамбаш сөөк жана тизе эндо протездер боюнча конкурстан сырткары.

2017-жылга карата Жогорку технологиялар фондунун эсебинен **221,9 млн. сом** суммасында 20 сатып алуу жүргүзүлгөн, анын ичинен, Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин 4-пунктуна ылайык, бир этаптуу ыкма менен 18 конкурс, 2 сатып алуу түз келишимди түзүү жолу менен өткөрүлгөн, анткени, бир этаптуу ыкма менен жарыяланган 27.01.2017-жылдагы жана 24.02.2017-жылдагы конкурстар өткөн эмес.

## Техникалык тейлөө фонду (ТТФ)

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2012-жылдын 20-июлундагы №416 буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин "Техникалык тейлөө жана медициналык техникасын оңдоо фонду" жөнүндө Жобого ылайык, Техникалык тейлөө фонду Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин техникалык тейлөө жана медициналык техникасын оңдоо максатында түзүлөт.

2017-жылга Техникалык тейлөө фонду боюнча бекитилген чыгымдар 7969,5 миң сомду түзгөн, тактоо 5254,9 миң сомго көбөйүү менен, 13224,4 миң сомго чейин жүргүзүлгөн. Кассалык чыгымдар 6957,9 миң сомго (53,0 %) жүргүзүлгөн.

Беренелер бөлүгүндө жүргүзүлгөн тактоо, төмөндөгү маалыматтар менен мүнөздөлөт. Жыл ичинде "Мүлктү кезектеги ондоо" беренеси боюнча бөлүнгөн акча каражаттары 5313,3 миң сомдон 2073,2 миң сомго чейин азайтылган, анын ичинен, "Буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" беренесине - 3200,0 миң сом, саламаттык сактоо уюмдарынын чыгымдар сметаларынын ар кандай беренелерине 340,1 миң сом жылдырылган жана секвестрирленген. Көбөйтүү 300, 0 миң сомго чейин жүргүзүлгөн, ал "Буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" беренесинен жылдыруунун эсебинен болгон. Кассалык чыгымдар 944,7 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

## Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техникалар департаменти

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 26-сентябрындагы N 556 токтому менен бекитилген, “Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техникалар департаменти жөнүндө” Жобого ылайык, Департамент атайын аткаруучу жана контролдоп-көзөмөлдөө функциясын, ошондой эле тармак аралык координациялоону жана Кыргыз Республикасынын калкына дары-дармек жарадамын көрсөтүү чөйрөсүн жетектөөнү жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техникалар департаменти (мындан ары – Департамент) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Дары-дармек каражаттары жана медициналык техника боюнча башкармалыгын жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Фармокологиялык комитетин жана Дары-дармек каражаттарын жана медициналык техниканы стандартташтыруу жана сапатын контролдоо боюнча республикалык борборун бириктирүү жолу менен, өз алдынча мекеме катары түзүлгөн.

Департаменттин негизги милдеттери болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

- республиканын калкын жана дарылоо-профилактикалык мекемелерин дары-дармек каражаттары, медициналык багыттагы буюмдар жана медициналык техника менен камсыздоо боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;

-калкты коопсуз, натыйжалуу жана сапаттуу дары-дармектер, медициналык багыттагы буюмдар жана медициналык техника, дарылоочу тамак-аштар жана косметика (мындан ары – дары-дармек) менен камсыздалышын башкаруу жана контролдоо тутумун уюштуруу;

- дары-дармек каражаттарын башкаруу, контролдоо жана стандартташтыруу ыкмаларын жакшыртуу боюнча илимий-изилдөө иштерин уюштуруу жана багыттарын аныктоо.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 27-сентябрындагы N 702 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик көзөмөл жүргүзүүнү тартиби жөнүндө” Жобонун 8.5-пунктуна ылайык, Дары-дармек каражаттарына жана медицина техникаларына мамлекеттик көзөмөл Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Дары-дармектер менен камсыз кылуу жана медициналык техникалар департаментинин фармацевтик инспекторлору тарабынан жүргүзүлөт.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.11.2016-жылдагы №637 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Баңгизаттарды контролдоо боюнча мамлекеттик кызматты жоюу жөнүндө”

токтому менен, баңги зат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду мыйзамдуу жүгүртүлүшүн контролдоо чөйрөсүндөгү функция Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине берилген.

Саламаттык сактоо министрлигинин 01.02.2017-жылдагы №78 “Баңги заттарынын мыйзамдуу жүгүртүлүшүн контролдоо чөйрөсүндөгү функцияны өткөрүп берүү жөнүндө” буйругу менен, баңги заттарынын мыйзамдуу жүгүртүлүшүн контролдоо чөйрөсүндөгү функция Дары-дармектер менен камсыз кылуу жана медициналык техникалар департаментине 8 бирдиктеги штат жана тиешелүү каржылоо менен берилген.

Ошентип, Департамент экспертиза функциясынан контролдоо-көзөмөлдөө функциясын бөлбөстөн иштейт.

Ошону менен бирге, 2017-жылы Департаменттин иши толук чарба жүргүзүү эсебинде жүргүзүлгөн, мамлекеттик бюджеттен каржыланган эмес.

Мында, 2017-жылы Департаментти күтүүгө борборлоштурулган иш-чаралардын чыгымдар сметасы боюнча 81700,0 миң сом суммасындагы бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары секвестрирленген.

Департаменттин киреше булактары болуп, дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды экспертизалоо жана сетификациялоо жүргүзүүдөн түшкөн каражаттар эсептелет, алар 03.07.2017-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин (мындан ары – Мамагенттик) 14.04.2010-жылдагы №117 буйругу менен макулдашылган баалардын прейскуранттары менен жүргүзүлгөн. Бул буйрук, “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамдын 5-беренесинин 1-пунктуна ылайык, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестриндеги (тизмесиндеги) жогоруда көрсөтүлгөн акы төлөнүүчү кызматтардын жоктугуна байланыштуу, Мамагенттиктин 09.06.2017-жылдагы №23 буйругу менен алынып салынган жана 02.07.2017-жылдан тартып кызмат көрсөтүүлөр үчүн каражаттарды алуу токтотулган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-ноябрындагы №769 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы N 85 "Аткаруу бийлигинин органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” токтомуна ылайык, Бирдиктүү реестрге Департаменттин 7 түрдөгү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрү киргизилген. Департаменттин акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр боюнча тарифтердин прейскуранттары, Мамагенттиктин 12.12.2017-жылдагы №45 буйругу

менен макулдашылган жана 12.12.2017-жылдан тартып кызмат көрсөтүүлөр үчүн каражаттарды алуу жандандырылган.

Кирешелер жана чыгымдар Казыналыктын тутумунан сырткары, «Оптима Банк» ААКсынын Бишкек борбордук филиалы аркылуу жүргүзүлгөн. 01.01.2017-жылга карата алыш-бериш эсебиндеги акча каражаттарын калдыгы 20797,9 миң сом суммасын түзгөн.

2017-жылы Департамент факты жүзүндө **75 549,1 миң сом** өлчөмүндө киреше алган, анын ичинен, төмөндөгү кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүү менен:

- дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдардын экспертизалары - 67580,8 миң сом;
- дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды сертификациялоо - 7931,1 миң сом;
- сертификаттарды сатуу жана каттарды каттоо - 37,2 миң сом.

Эсептелген салыктарды алып салуу менен таза киреше (КНС - 6769,4 миң сом жана сатык салыгы - 21,3 миң сом) **68 758,4 миң сом** суммасын түзгөн, анын ичинен, **10956,6 миң сом** мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестрине киргизилгенден кийин алынган.

Мында, “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тиешелүү реестрине киргизилбеген акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган киреше Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине толук көлөмдө алына тургандыгын белгилей кетүү керек.

Казыналыктын тутумунан сырткары жүргүзүлгөн чыгымдардын жалпы суммасы 2017-жылга карата **87 143,8 миң сом** суммасын түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-беренесине ылайык, Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелерди түзүүнүн жана пайдалануунун фактылары табылган учурда көрсөтүлгөн кирешелердин суммасы тиешелүү бюджеттин кирешесине кошуп эсептөөгө жатат.

2017-жылы Департаментти күтүүгө каралган борборлоштурулган иш-чаралардын чыгымдар сметасы боюнча 81700,0 миң сом суммасындагы бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарынын секвестрирлөө жолу менен бюджетке кайтарылгандыгын эске алуу менен, Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары пайдаланылган кирешелердин **5443,8 миң сом** суммасындагы айырмасын, республикалык бюджетке алуу керек.

“Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, башка мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин

мамлекеттик көзөмөлдөө, контролдоо жана лицензиялык талаптар боюнча функцияларды ишке ашыруу иштери мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча ишке кирбейт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башкача тартипте жөнгө салынат. Буга байланыштуу, Саламаттык сактоо министрлиги Департаментте экспертиза функциясынан контролдоо-көзөмөлдөө функциясын бөлүүнү карашы керек.

**Ооруларды профилактикалоо жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментинин (ОПжанаМСЭКД) жана анын райондук (шаардык) борборлорунун (ОПжанаМСЭКБ) бюджеттеринин түзүлүшү маселесине жүргүзүлгөн аудит**

ОПжанаМСЭК бюджетин аныктоо боюнча берилген эсептөөлөргө жүргүзүлгөн аудит тарабынан, жан башы принциби боюнча эсептелген айрым райондук (шаардык) борборлордун бюджетинин көлөмү, өткөн 2016-жылдагы факты жүзүндөгү чыгымдарга салыштырмалуу бир топ аз экендиги аныкталган. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 16.02.2017-жылдагы №115 “2017-жылга коомдук саламаттык сактоо уюмдарын каржылоо ченемдерин бекитүү жөнүндө” буйругу менен бекитилген каржылоо нормативинен жогору райондук жана шаардык ОПжанаМСЭКБларды каржылоого жол берилген, бул болсо, 16 райондук жана шаардык ОПжанаМСЭКБлар боюнча - 12677,4 миң сомду түзгөн.

Отчеттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин – бюджетин аткарууда, 20 райондук жана шаардык ОПжанаМСЭКБлардын бюджетине көбөйүү жагында 52175,3 миң сом суммасында жана 32 мекеме боюнча азаюу жагында 29 017,8 миң сом суммасында өзгөртүүлөр киргизилген. Натыйжада, Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан санитардык-эпидемиологиялык кызмат боюнча баштапкы бекитилген бюджет 380 570,7 миң сомдон 403 728,1 миң сомго чейин же бүтүндөй 23 157,4 миң сомго (6,1%) көбөйтүлгөн. Көрсөтүлгөн көбөйтүү, №5730 билдирүү-маалымкаты менен, ОПжанаМСЭКДгө бөлүнгөн акча каражаттарын 20000,0 миң сомго көбөйтүү эсебинен, № 26989 билдирүү-маалымкаты менен, КТП жана ТТПлардын эмгек акыларын 5392,2 миң сом суммасында жогорулатуу жана №110077, 17449 жаа 26380 билдирүү-маалымкаттары менен товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алуу боюнча бөлүнгөн акча каражаттарын 2235,1 миң сомго азайтуу менен жүргүзүлгөн.

ОПжанаМСЭКДнын борбордук аппаратын күтүүгө 2017-жылдагы смета боюнча адегенде, 2016-жылдагы факты жүзүндөгү чыгымдар 39119,4 миң сом суммасында болгондугуна карабастан, бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары 14063,7 миң сом суммасында бекитилгендигин, белгилей кетүү керек. Каралган каражаттардын жетишпестигине байланыштуу,

республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары 18733,0 миң сомго көбөйтүлгөн жана 32796,7 миң сом суммасын түзгөн. Кезектеги чыгымдар боюнча кассалык чыгымдар - 32796,7 миң сом суммасында, факты жүзүндөгү чыгымдар - 33150,0 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

2017-жылдын бюджетин түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан адегенде эсептөөлөр, жан башы каржылоо принциби боюнча жүргүзүлгөн, бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө факты жүзүндө, мекемелердин керектөөлөрүнөн улам, салттуу чыгым ыкмасы боюнча өзгөртүүлөр киргизилгендигин, белгилей кетүү керек.

Мурунку аудит тарабынан ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборлорунда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 21-майындагы №184 “Саламаттык сактоону программалык негизде каржылоо” токтомуна ылайык иштелип чыккан, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 7.08.2007-жылдагы № 291 буйругу менен бекитилген, “Беренесиз каржылоо шартында коомдук саламаттык сактоо уюмдарынын мамлекеттик бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы” боюнча методикалык колдонмону кайрадан карап чыгуу белгиленген жана бул боюнча жазма буйрук берилген.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйругун аткаруу менен, тиешелүү министрликтер жана ведомстволор менен макулдашуу үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо уюмдарында ченемдик каржылоону жайылтуу жөнүндө” токтомунун долбоору менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө 03.12.2018-жылдагы № 03-1/1-16117 кат жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 04.01.2017-жылдагы №2 буйругуна ылайык, жалпы 130 бирдик менен, ОПжанаМСЭКДнын түзүмү жана штаттык жүгүртмөсү бекитилген, ал жерде мурдагы директордун орун басары кызматына карата кошумча “директордун биринчи орун басары” кызматы киргизилген. Министрдин биринчи орун басары А.Дж. Мурзалиевдин буйругу менен, ОПжанаМСЭКДнын директорунун биринчи орун басары кызматы конкурс өткөрбөстөн туруп, министрдин кенешчиси К.У. Кундашев дайындалган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 31.01.2017-жылдагы №ПЖ17 Жарлыгы менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын реестрине ылайык, ведомстволук бөлүмдүн жетекчисинин орун басары, административдик мамлекеттик кызмат болуп эсептелет, дайындоо тартиби 30.05.2016-жылдагы №75 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат. Бирок, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 18.03.2010-

жылдагы №147 “Ведомстволук уюмдардын мамлекеттик кызматчылары жөнүндө” буйругуна ылайык, ОПжанаМСЭКД боюнча мамлекеттик кызматчылардын тизмесине болгону 2 бирдик: директор жана директордун орун басары кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 27-сентябрындагы №702 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик көзөмөл жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Жобонун 8.4-пунктуна ылайык, тамак-аш продуктыларына мамлекеттик көзөмөл, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык кызматынын (Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаменти, облустук, шаардык, райондук мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборлору) адистери тарабынан жүргүзүлөт. Буга байланыштуу, санитардык-эпидемиологиялык изилдөөлөр жана экспертиза жүргүзүү боюнча функциялардын бөлүнүшү каралашы керек.

Эмгек кодексинин 116-беренесине ылайык, кампа башчысы Т.М. Хроменковага кошумча иш аткаргандыгы үчүн, 24225 сом суммасындагы 50% кошуп төлөө жөнүндө ОПжанаМСЭКДнын директору 2016-жылдын 6-январында №7 буйругун чыгарган. Бирок, кошумча милдетти аткарагандыгын тастыктаган документтер (табель, кошумча келишим) жок.

**Саламаттыкты сактоо министрлигинин медицина жана фармацевтика кызмат көрсөтүүлөрүн лицензиялоо маселесине аудит**

Саламаттыкты сактоо министрлигинин медицина жана фармацевтика кызмат көрсөтүүлөрүн лицензиялоо бөлүмү (мындан ары – Лицензиялоо бөлүмү) өзүнүн ишинде “Кыргыз Республикасында лицензиялоо-уруксат берүү системасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 4-апрелиндеги №203 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында медициналык ишти лицензиялоо тартиби жөнүндө” Убактылуу Жобону жетекчиликке алат.

2017-жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан бардыгы болуп 1042 арыз берилген, анын ичинен, жеке медициналык ишти алып баруу боюнча - 438, ар кандай себептер менен лицензияларды берүүдөн баш тартуу – 232; жеке фармацевтикалык иш алып барууга - 604, талаптануучуларга ар кандай себептер менен лицензия берүүдөн - 250, кароодо 32 лицензиялык иш турат.

2017-жылга карата Лицензиялоо бөлүмү тарабынан Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Лицензиялык комиссиясынын (мындан ары – Комиссия) 31 отуруму өткөрүлгөн. Комиссиянын чечими менен, 349 лицензия (келип түшкөн арыздардан 33,5%) берилген, анын ичинен, 169 (же 38,6%) - жеке медициналык ишке (5 тизме), 180 (же 29,8%) - фармацевтикалык ишке (174 тизме).

01.01.2017-жылга карата республика боюнча 3996 фармацевтикалык уюм иштеп турган, анын ичинен, 1328 дарыкана, 755 дарыкана кампалары, 1607 дарыкана пункттары, 215 дарыкана киоскалары, 39 өндүрүш цехтери, 33 медициналык багыттагы буюмдар дүкөнү, 19 оптика дүкөнү. Бул аптекалык мекемелерде 2050 провизор жана 1822 фармацевттер иштейт.

Мамлекеттик кепилдиктер программасын (МКП) ишке ашыруу боюнча, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду менен төмөндөгүлөр иштешет:

- гемодиализ кызматын көрсөтүү боюнча - ЖЧКлар: «ЮРФА», «ЛДЦ Бэман», «Клиника профессора Асымбековой», «Клиника №1», «Вита Мед Лтд», «Нефроцентр» и «Гемодиализ»;
- офтальмологиялык медициналык борбор боюнча - профессор Исманкуловдун «Көздүн микрохирургиясы госпиталь мекемеси»;
- кардиохирургия боюнча - «Алиев Мамат атындагы Ош-кардио медициналык борбору» ЖЧКсы.

Дары-дармектик камсыздоону ишке ашыруу үчүн, ММКФнфн аймакык башкармалыктарынын дарыкана мекемелери менен 207 келишим түзүлгөн. Мында, дарыкана мекемелеринин чекене тармактары 298 дарыкананы жана 597 дарыканалык пункттарды түзгөн. лицензиясы жок иштеп жаткан 9 жеке медициналык уюм аныкталган, алар боюнча материалдар тиешелүү чараларды көрүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматына (финансылык полицияга) берилген.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан «Медициналык борбор «Гонконг» ЖЧКсынын лицензиясын жокко чыгаруу боюнча Бишкек шаарындагы район аралык сотуна жана Биринчи Май райондук сотуна доо арыз берилген.

Фармацевтикалык иш боюнча:

2017-жылдагы отчеттук мезгилге карата, ОПжанаМСЭКДнын фармацевтикалык инспекиция бөлүмүнө жарандардан жана фирмалардын өкүлчүлүктөрүнөн 33 арыз келип түшкөн. “Административдик жоопкерчилик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Кодексинин 93-беренесине ылайык, 60,5 миң сом суммасында административдик айып пулдар салынган.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Лицензиялык комиссиясынын чечими менен, 1 юридикалык жакка: «Фарм-Трейд» жана «Агропромышленная компания Первая» ЖЧКларына лицензиялык талаптарды бузгандыгы жана сактабагандыгы үчүн эскертүүлөр берилген.

## Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ички аудит бөлүмүнүн ишин талдоо

Ички аудит бөлүмү Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине баш иет. Ички аудит бөлүмү жөнүндө Жобо ички аудиттин ыйгарым укуктарын баяндоону камтыйт.

Ички аудит бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөсүнө ылайык, 4 штаттык бирдиктен турат.

2017-жылга бекитилген аудиттин жылдык планына ылайык, саламаттык сактоонун 48 объектисине аудит жүргүзүү пландалган. Жыл ичинде факты жүзүндө бардыгы болуп, 44 саламаттык сактоо уюмдарына аудит жүргүзүлгөн, же план 91,6 %га аткарылган жана укук коргоо органдарынын жана жарандардын кайрылуулары боюнча 25 атайын териштирүү 25 саламаттык сактоо уюмунда жүргүзүлгөн. Атайын тертиштирүүнүн жыйынтыгы боюнча, кайрылуудагы 15 учурдагы көрсөтүлгөн фактылар тастыкталган, ал эми 6 учур жарым-жартылай тастыкталган жана 4 учур тастыкталган эмес. Материалдар тиешелүү мамлекеттик органдарга берилген.

*Ички аудит тарабынан аныкталган каржы бузуулары жана кемчиликтер*

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берилген Ички аудит бөлүмүнүн отчеттук маалыматтары боюнча, 2017-жылга аныкталган каржы бузууларынын жалпы саны **82 694,6 миң сомду** түзгөн, анын ичинен: сатып алуу чөйрөсүндө ченемдик-укуктук актыларды бузуу менен товарларды сатып алуу - 51228,1 миң сом, тендер өткөрбөстөн туруп, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу - 12508,6 миң сом, дары-дармектердин жана тамак-аш продуктыларынын ашык жана кем чыгуусу – 291,3 миң сом, акча каражаттарарын жана товардык-материалдык баалуулуктарды негизсиз эсептен чыгаруу - 393,2 миң сом, эмгек акыларды жана Соцфондго чегерүүлөрдү негизсиз кошуп эсептөө жана төлөө – 14339,3 миң сом, эмгек акы фондусун негизсиз көбөйтүү - 701,7 миң сом, бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу - 142,7 миң сом, жана башка каржы бузуулары – 3089,7 миң сом.

2017-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин уюмдарында жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары, Саламаттык сактоо министрлигинин Коррупциянын алдын алуу боюнча комиссиясынын отурумунда каралган, анын жыйынтыгы боюнча каржы бузууларына жол берген жетекчилерге тиешелүү чаралар көрүлгөн.

**Борборлоштурулган иш-чаралардын, техникалык тейлөө фондунун жана өнүгүү долбоорлорунун каражаттарынын эсебинен мамлекеттик сатып алуулардын жана жеткирүүлөрдүн ишке ашырылышына аудит**

Сатып алуулар планы баштапкы бекитилген бюджет менен байланышы жоктугун, ошондой эле борборлоштурулган иш-чаралар

боюнча сметага киргизилген толуктоолор жана өзгөртүүлөр синхрондуу жана ага шайкештиги көрсөтүлгөн эместигин аудит аныктаган.

Саламаттык сактоо жана Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүгүү ассоциациясынын ортосундагы каржылоо жөнүндө Макулдашуунун 2-тиркемесинин 1-бөлүмүнүн 4 (b)-пунктуна ылайык, ар жылдын 15-ноябрынан кечиктирбестен, долбоорду ишке ашыруу аралыгында, Саламаттык сактоо министрлиги иштин сунуш кылынган жыл сайынкы планы (ИЖП) менен макулдашылган сатып алуулардын жаңыртылган планын Ассоциацияга жөнөтүшү керек эле. Бирок, Макулдашууда көрсөтүлгөн ИЖП иштелип чыккан эмес жана сатып алуу планы макулдашылган эмес. Саламаттык сактоо министрлиги сатып алуу планын, Дүйнөлүк банктын адистер тобунан келишинин жыйынтыгы боюнча түзүлгөн эстеткич жазууларда жазылган эскертүүлөрдү жана сунуштарды эске алуу менен иштелип чыккан.

**G18-Тендер “Эл аралык конкурстук тоорук” ыкмасы менен өткөрүлгөн**

10.02.2017-жылдагы келишим менен МБ “Кокомерен” ЖЧКсы 42857 АКШ долларында медициналык жабдууну жеткирген, анын ичинен, даанасы 40 АКШ долларында жалпы 2280 АКШ доллары суммасындагы 57 даана небулайзерлер. Техникалык спецификациянын негизги талаптарынын болуп небулайзерлер (распылитель) сыноодон өткөн жана европа стандартындагы EN 13544-1 небулайзер терапия сертификаты болушу көрсөтүлгөн. “Кокомерен” ЖЧКсынын табыштамасы эксперттер тарабынан бул талпка жооп берет деп таанылган.

**G29-Тендер “Эл аралык конкурстук тоорук” ыкмасы менен өткөрүлгөн**

Эксперттик топ МБ “Кокомерен” ЖЧКсында европалык стандарттарга ылайык сертификат жоктугун аныктаган, анын натыйжасында, 97270 АКШ доллары баасындагы сунуш менен №1 лот боюнча МБ “Кокомерен” ЖЧКсынын табыштамасынан баш тартылган. №1 лот 4 аталыштан турган, нарк туюнтмасында небулайзерлердин үлүшү лоттун наркынан 3,1 %ды гана түзгөн. Жабдуулардын ар бир позициясын өзүнчө балоодо, кислород концентарты боюнча үнөмдөө - 12645 АКШ долларын, электр аспираторлору боюнча – 26312 АКШ долларын, Портативдүү пульсоксиметр боюнча - 780 АКШ долларын түзгөн.

Өткөрүлгөн эл аралык конкурстук тооруктардын (G29) жыйынтыгында №1 лот боюнча 137007,6 дАКШ доллары суммасында “Юнит Реактив Фарма” ЖЧкасы менен келишим түзүлгөн, анын ичинен, баасы 100 АКШ долларында 34 небулайзерди 3400 АКШ доллары суммасында сатып алуу каралган, же контракттын наркынан 2,4 %.

№3 лот боюнча МБ “Кокомерен” ЖЧКсы сунуш кылган дефибриллятор толугу менен техникалык өзгөчөлүктөргө туура келген, бирок, эксперттик топ тарабынан корутунду берүүдө, анын туура

келбестиги жөнүндө жыйынтыкка келишкен, бул болсо, бүтүндөй №3 лот боюнча табыштамадан баш тарууга алып келген.

Чүй областтык Үй-бүлө медициналык борборуна жүргүзүлгөн кайчылаш аудитте, “Юнит Реактив Фарма” ЖЧКсы контракттагы техникалык өзгөчөлүктөргө туура келбеген, наркы 251,7 миң сомдук 2 АНД 2 дефибрилляторун жеткиргендигин аныкталган, атап айтканда, аны заряддоо мүмкүнчүлүгү жок, бир жолку **аккумулятордук батарея менен** модель жеткирилген. Ушуга окшош эле наркы 33156 АКШ долларындагы жабдуу саламаттык сактоонун башка мекемелерине жеткирилген (ЧОЦСМди эске алуу менен).

Ошону менен бирге, Саламаттык сактоо министрлигинин түшүндүрмөсү боюнча, “ЮнитРеактивФарма” компаниясы Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарына жеткирилген дефибрилляторлордун зарядкалары үчүн, станциялардан кайрадан заряддалган батареялар жеткирген. Өз убагында жеткирбегендиги үчүн, 18 миң жана 535 АКШ долларындагы айып пул санкциялары кармалган.

**Диабетке каршы препараттарды жана аларды пайдалануу каражаттарды жеткирүү**

Саламаттык сактоо министрлигинин сатып алуу бөлүмү 2015-жылга сатып алуулар планы боюнча 2016-2017-жылдарга инсулин сатып алуу үчүн, кезектеги чыгымдарга - 3382,11 миң АКШ доллары же 208000,0 миң сом караган. Планда сатып алуу ыкмасы, эл аралык конкурстук тооруктар (ЭКТ) болуп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жалпы **1891860 АКШ доллары** (келишим түзүлгөн күндөгү КРУБ курсу 75,1807 сом же 142231,3 миң сом) суммасында диабетке каршы каражаттарды жана аларды пайдалануу каражаттарын жеткирүү боюнча «EliLilly VostokS.A.» (Женева, Швейцария) корпорациясы менен контракт түзгөн.

2017-жылга карата **64928,4 миң сом** суммасында диабетке каршы каражаттар жана аларды пайдалануу каражаттары келип түшкөн, жеткирүүчүгө 64514,2 миң сом төлөнгөн, 414,2 миң сом суммасындагы курстук айырмага бухгалтердик өткөрмө берилген, жылдын аягында калдык жок. 2012-2016-жылдарга "Ден соолук" Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосун реформалоо боюнча улуттук программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планынын 3.1.2.1-бөлүмүндөгү суб бөлүмдө, жүрөк-кан тамыр ооруларынын өнүгүүсүнүн тобокелдиги факторлорунун бири катары, баштапкы звено деңгээлиндеги кант диабетин аныктоо жана дарылоо боюнча иш-чаралар каралган.

**Окуу жайлары үчүн клиникалык эмес жабдуу-муляждар жана тренажерлор**

25/01/2017-жылдагы №0-12-2 контрактты жана 0/02/2017-жылдагы N.9G-21-2 контрактты аткаруунун эсебинен, «Фарм тренд» ЖЧКсы жалпы 134 940 АКШ доллары суммасында окуу жайлар үчүн клиникалык эмес жабдуу-муляждар жана тренажерлорду жеткирген, анын ичинен, 25/01/2017-жылдагы №0-12-2 контракт боюнча 62139 АКШ долларындагы суммасында, ал боюнча контрактта белгиленген өзгөчөлүктөргө туура келбегендигине байланыштуу алар кабыл алынган эмес, ал эми 72801 АКШ долларындагы 10/02/2017-жылдагы №0-21-2 контракт боюнча 10 окуу жайы тарабынан жабдууларды кабыл алуу актысы эскертүүсүз кабыл алынган. Жабдууларды кабыл алуу эксперти катары, бардык учурларда компетенттүү эмес адамдар чыгышкан.

Мындан сырткары, бардык жабдуулар ылайык келүү сертификаты, даярдаган заводдун кепилдик сертификаты жок кабыл алынган, алар конкурстук документтерде талап кылынган. Контракт шарттарын аткарбагандыгы үчүн «ФармТрейд» ЖЧКсын, Саламаттык сактоо министрлиги Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин ишенимсиз жеткирүүчүлөр маалыматтар базасына (03.07.2017-жылдагы чыг.№03-1/1-7070 каты) жана Дүйнөлүк банктын тобунун кара тизмесине (10.01.2018-жылдагы чыг. № 03-1/1-287 каты) киргизүүнү демилгелеген.

**<u>DUTCH HELTH - медициналык жабдууларды жеткирүү</u>**

«Росинбанк» ААКсынын филиалы «Росинбанк-Центр» “Документтик аккредитивдер үчүн унифицирленген эрежелер жана адаттар” Жобосун (“600 Эл аралык Соода палатасы” басылмасы) бузуу менен, сырткы көрүнүшү боюнча күмөн жараткан окулбаган документтерди бергендиги жөнүндө Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине маалымдабастан туруп, «Dutch Health»компаниясынын пайдасына аккредитивдерди аткарган, б.а. жеткирилген медициналык жабдуулар үчүн 830860 евро суммасында төлөм жүргүзгөн.

Саламаттык сактоо министрлиги «Dutch Health»компаниясынан 78835,5 миң сомдук медициналык жабдууларды кабыл алган (бухгалтердик эсеп боюнча жүргүзгөн) жана бөлүштүргөн. Мында, 27176,3 миң сом суммасындагы медициналык жабдуулардын бир бөлүгү, контракттын шарттарына туура келбеген жабдууларга карата кислороддун концентраттары менен жеткирилген. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан жеткирүүчүдөн 103 857,5 евро суммасындагы банктык кепилдик жана 10% финалдык төлөм же 103 857,5 евро кармалган. «Dutch Health» компаниясынан бардыгы болуп 207 715,00 евро кармалган.

**<u>Неонаталдуу скрининг</u>**

Көп функционалдуу анализаторду (№1 лот жаңы төрөлгөн ымыркайлар үчүн комплектүү лаборатория) сатып алуу үчүн биринчи өтпөй

калган тендерде бекитилген бюджет 4991,6 миң сомду түзгөн. № 13 лоту боюнча (жаңы төрөлгөн ымыркайлардын скрининги үчүн анализатор автомат) бюджет - 6075,0 миң сом.

Кайрадан өткөрүлгөн конкурста төмөндөгү лоттор «Камелин Азия» ЖЧКсына ыйгарылган: №1 – (лот жаңы төрөлгөн ымыркайлар үчүн комплектүү лаборатория) 12127,8 миң сомдук бюджет алдында 12000,0 миң сомго жеткирүү сунушталган, №2 - (жаңы төрөлгөн ымыркайлардын скрининги үчүн анализатор автомат) 14760,0 миң сомдук бюджет алдында 14500,0 миң сомго жеткирүү сунушталган, №3 - (автоматтык панчер) 2037,7 миң сомдук бюджет алдында 1850,0 миң сомго жеткирүү сунушталган. Экинчи тендерде спецификациялар өзгөртүүсүз калган.

Эксперттик топ тарабынан «Приборы» ЖАКынын коммерциялык сунушу берилген, анда төмөндөгүлөр сунушталган: 1) ортонотуу жана окутууну, өзү чыгарып кетүү шарты менен автоматтык панчерди эсепке алгандагы баасы 80625 евро көп функционалдуу анализатор «Виктор», бул болсо, 6602,4 миң сомго барабар.

«Камелин Азия» ЖЧКсы факты жүзүндө ошол эле аталыштагы окшош жабдууну жеткирген, бирок, 12000,0 миң сом баасы менен, мында комплектацияда автоматтык панчер жок. Анын ордуна механикалык берилген, анын наркы «Приборы» ЖАКынын прайсы боюнча 175 еврону түзгөн, ал эми автоматтык панчердики - 19000 евро. «Приборы» ЖАКсынын прайсы боюнча автоматтык панчерди эсепке албаганда анализатордун наркы 5046,5 миң сомду түзгөн.

«Авто Делфия» автоматтык анализатору, растаможканы эсепке албаганда, Бишкек шаарынын аэропортуна чейин жеткирүү шарты менен 75000 Евро баасында, бул болсо 6141,7 миң сомго барабар. «Камелин Азия» ЖЧКсы факты жүзүндө кабыл алуу актысына жана төлөө эсебине ылайык, Энени жана баланы коргоо улуттук борборуна (ЭжБКУБ) ошол эле аталыштагы окшош жабдууну жеткирген, бирок 14500,0 миң сом баасы менен.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин түшүндүрмөсү боюнча, бул сатып алууга баштапкы бюджет, Москва шаарындагы заводдун өкүлү берген дистрибьютерлер үчүн прайс-баракка ылайык түзүлгөн. 23.10.2017-жылы «Pribori Oy» берген электрондук билдирүүгө ылайык, дистрибьютердик баа орнотуу, жерине чейин жеткирүүнү, салыктарды, бажылык тазалоону, тиешелүү ведомстволордо каттоону, персоналдарды окутууну, ошондой эле Кыргызстанда кепилдик жана сервистик тейлөөнү берүүнү эске албайт. Бул жагдайды эске алуу менен, даярдоочу заводдун өкүлчүлүгү жергиликтүү соода уюмдарына кайрылууга сунуш берген.

**<u>Медициналык тез жардамдын адистештирилген машиналары</u>**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги Немец өнүгүү банкынын (KfW) грантынын каражаттарына “Улуттук шашылыш медицина тутумун түзүү” долбоору боюнча сатып алууларды жүргүзөт.

Dutch Health BV компаниясы белгиленген талаптарга туура келбеген тез жардамдын 15 автомашинасын жеткирген. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги контракттын шарттарын жабдуучулар тарабынан аткарышы жөнүндө кепилдик милдеттемелери жок туруп, контракттын жалпы суммасынан 80% же 923238 евро төлөгөн. 1 жыл бою Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тез жардам машиналарын кабыл алган эмес, ал эми Dutch Health BV компаниясы акча каражаттарын кайтарган эмес жана автомашиналарды алмаштырбай келет.

Тендердин жана контракттын шарттары, EPOS консалтинг компаниясы тарабынан иштелип чыккан, контрактта мындай учурда анын жоопкерчилик чаралары (анын ичинен, финансылык) белгиленген эмес.

**«Гүлазык» микронутриенттик кошулманы сатып алуу**

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги 2007-жылы түзүлгөн меморандумдун негизинде жалпы 18961,2 миң сом суммасында 420,0 миң таңгак санындагы «Гүлазык» тамак-аш кошулмасын “UNISEF” аркылуу сатып алган.

«Гүлазык» микронутриенттик кошулмасы сатып алуу учурунда дары-дармек каражаты болуп эсептелген, бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 9-октябрындагы N 693 токтомуна ылайык, абдан керектүү дары-дармек каражаттарынын тизмесине кирген эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 4-сентябрындагы № 618 токтому менен бекитилген, 2015-2017-жылдары Кыргыз Республикасында тамак-аш коопсуздугун жана тамактануу программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы менен, алардын рационунда тамак-аш баалуулугун жогорулатуу максатында, балдардын үйдөн тамактануусун байытуу үчүн, «Гүлазык» микронутриенттик кошулмасын сатып алуу боюнча жооптуу аткаруучу болуп, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги аныкталган. Аткаруу индикатору менен, «Гүлазык» максаттуу тобунан 80%дан кем эмес баланы камсыздоо белгиленген.

Ошондой эле, аудит материалдарын кароонун жүрүшүндө, дары-дармек каражаты катары «Гүлазык» микронутриенттик кошулмасы сатып алуу боюнча чыгымдар, 221700 «Медициналык товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу» беренесинин эсебинен жүргүзүлүшү керек. Демек, 22221100 «Жабдууларды жана материалдарды сатып алуу» беренесинен жана 22154900 «Жана башка кызмат көрсөтүүлөр менен байланышкан жана башка чыгымдар» беренесинен жалпы 18 961,2 миң сом суммасында жүргүзүлгөн төлөмдөр максатсыз деп эсептелет ( көрсөтүлгөн сумма калыбына келтирилген).

**Перинаталдык борбор**

KFW немец банкы менен Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин атынан Кыргыз Республикасынын (Алуучу) ортосунда каржылоо жөнүндө келишимге 20.10.2011-жылы кол коюлган, ага ылайык, KFW Алуучуга 10,5 млн. евро өлчөмүндө кайтарымсыз финансылык колдоо (грант) көрсөтөт, анын ичинен, 9,2 млн. евро - курулуш иштерине төлөө, жабдууларды сатып алууга жана консалтинг кызматтарына төлөө жана 1,3 млн. евро – дарылоого жөнөтүү тутумун жайылтуу жана оорулууларды ташуу тутумун өнүктүрүү жана жайылтуу, материалдык-техникалык инвестицияларды техникалык тейлөө, пайдалануу жана күтүү боюнча колдоого багытталган консалтинг кызмат көрсөтүүлөрүнө жана тренингдик иш-чараларга төлөө, ошондой эле регионалдык конференцияларды уюштурууга жана өткөрүүгө гана багытталган.

Жогоруда көрсөтүлгөн макулдашууну ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги эл аралык конкурстук тооруктардын жыйынтыгы боюнча «RRP International Hospital Planners Pte. Ltd.» компаниясын жалдаган, контракт боюнча консультациялык кызматтардын наркы 1,06 млн. евро суммасында белгиленген. «RRP International Hospital Planners Pte. Ltd.» “Бишкек шаарындагы Энени жана баланы коргоонун улуттук борборунун алдында Перинталдык борбор” объектисинин долбоорун иштеп чыккан жана анын сметалык наркын аныктаган.

Кийин, милдеттүү (ыктыярдуу) экспертиза мамлекеттик органдар тарабынан өткөрүлгөн эмес, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик документтерине курулуштун сметалык нарыкынын туура келиши аныкталган эмес.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги «RRP International Hospital Planners Pte. Ltd» менен биргелешип, “Бишкек шаарындагы Энени жана баланы коргоонун улуттук борборунун алдында Перинталдык борбор” объектисинин курулуш-куроо иштерин сатып алууга эл аралык конкурстук тоорук өткөрүшкөн, анын натыйжасында, «Тек Имаш» АКсына келишим ыйгарылган, келишимдин наркы 5,67 млн. еврону түзгөн. «Тек Имаш» АКсынын курулуш-куроо иштерине лицензиясы болгон эмес, анын ордуна келишим ыйгарылган учурда тиешелүү лицензия ала тургандыгы жөнүндө кат берген. «Тек Имаш» АКсы менен келишим 2017-жылдын 19-июлунда түзүлгөн.

«Тек Имаш» АКсы 3-денгээлдеги лицензияны 12.06.2017-жылы (серия КРЦ-2 №07493) алган, 2-денгээлдеги лицензия талап кылынгандыктан, аны 22.02.2018-жылы (серия КРЦ-2 №07871) алган, 2017-жылдын 1-мартында «Тек Имаш» АКсы субподрячы катары «Би Билд» ЖЧКсын курулуш ишине тартуу жөнүндө келишим түзгөн, б.а. ал Кыргыз Республикасында курулуш-куроо иштерине лицензиясы жок кезде. 3-денгээлдеги лицензия «Тек

Имаш» АКсына экинчи деңгээлдеги жоопкерчилик менен башкы продрядчынын ролун аткарууга укук берген эмес. Актыга ылайык, курулуш иштерин факты жүзүндө Кыргыз Республикасында «Тек Имаш» АКсынын филиалы катары катталган уюм аткарат, ал Кыргыз Республикасында курулуш-куроо иштерин аткаруу боюнча лицензияга ээ эмес жана келишимдин тарабы болуп эсептелбейт, демек, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдында кандайдыр бир ыйгарым укугу жана милдеттенмеси жок.

Гранттык макулдашууга ылайык, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин тапшырмасы боюнча бардык долбоор боюнча бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө милдеттүү.

Келишим шарттары боюнча 15.12.2017-жылы аванс катары «Тек Имаш» АКсынын дарегине 510,4 миң евро же 42103,9 миң сом өлчөмүндө төлөм жүргүзүлгөн, ал дебитордук карыз (жашырылган) катары баланс жана эсептик каттоо боюнча көрсөтүлгөн эмес. 2018-жылы эсеп боюнча калыбына келтирилген. Мындан сырткары, 14.03.2018-жылы «Тек Имаш» АКсына 638,1 миң евро төлөм жүргүзүлгөн.

## Саламаттык сактоо министрлигинин Борбордук аппаратын күтүү боюнча чыгымдарга аудит

Ушул аудиттин жүрүшүндө, Саламаттык сактоо министрлигинин борбордук аппаратынын консультанттары жана кызматтагы адамдары (мамлекеттик кызматчылар) негизги кызмат ордунан сырткары, саламаттык сактоо уюмдарынын тутумундагы ведомстволук мекемелерде жана башка чарба жүргүзүүчү субъекттерде иштей тургандыктары, аларга ал жерден эмгек акы жана сый акы төлөнөөрү аныкталды.

Саламаттык сактоо министрлигинин борбордук аппаратында 2017-жылы 72 бирдиктеги штаттык мамлекеттик кызматчылардан сырткары, саламаттык сактоо тутумунун долбоорлорунда иштеген жетекчилерге, координаторлорго, консультанттарга, эксперттерге (мындан ары – консультанттар) ай сайын эмгек акылар эсептелген. Консультанттардын отчеттору жалпы координатор катары Саламаттык сактоо министрлигинин сатс-катчысы тарабынан ай сайын бекитилет.

Консультанттардын ай сайынкы эмгек акыларынын өлчөмдөрү, контракт боюнча 35, 0 миң сомдон 102,0 миң сомго чейин белгиленген. 2017-жылы 49-консультантка болгону 23 203,2 миң сом эмгек акы эсептелген, же 1-консультанттын орточо айлык акысы 40,0 миң сомду түзгөн (2018-жылдын 5 айына карата 45-консултантка 9 766,9 миң сом эсептелген, же орточо эмгек акы - 43,4 миң сомду түзгөн).

Бирок, көпчүлүк консультанттар контракт боюнча негизги ишинен сырткары, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ведомстолук мекемелеринде жана башка чарбалык субъекттерде иштешет.

Мисалы:

- Абдрахманова Гулай – баштапкы медициналык-санитардык жардам боюнча координатор, айына 65000 сом контракт менен. Мындан сырткары, №12 Үй-бүлө медицина борборунда толук ченемде иштейт;
- Абилов Болот – ГЧПны жайылтуу боюнча стратегиялык документтерди иштеп чыгуу боюнча консультант, айына 65000 сом контракт менен. Мындан сырткары, Кыргыз медициналык кадрларды даярдоо жана кайрадан даярдоо институтунда сабак берет;
- Адылбаева Венера – «Ден-соолук» Улуттук программасынын “коомдук медицина мекемелери” компоненти боюнча техникалык косультант, айына 65000 сом контракт менен. Мындан сырткары, Кыргыз Мамлекеттик медицина академиясында жана Кыргыз медициналык кадрларды даярдоо жана кайрадан даярдоо институтунда сабак берет;

«Саламаттык сактоодогу жыйынтыктарынын негизинде каржылоо” долбоорунун Катчылыгынын адистеринин курамынын жарымынан көбү, негизги ишинен сырткары, саламаттык сактоо уюмдарынын башка мекемелеринде иштешет.

Саламаттык сактоо министрлигинин борбордук аппаратынын мамлекеттик кызматчылары-кызматкерлери, ошондой эле долбоорлордун консультанттары негизги ишинен сырткары, бир нече жерлерде иштешет. Мунун баары негизги иши боюнча аткарган иштердин сапатына таасирин тийгизет жана белгиленген мөөнөттө өнүгүү долбоорлорун ишке ашыруунун камсыздалбашынын жана алардын бюджеттеринин өздөштүрүлбөшүнүн себептеринин бири болуп эсептелет.

2008-жылдан тартып «SWAp» долбоорунун каражаттарынын эсебинен, Саламаттык сактоо министрлигинин медициналык мекемелеринде «1-С: Бухгалтерия» программасы менен камсыздоо жүргүзүлүүдө.

Саламаттык сактоо министрлигинин 20.10.2018-жылдагы Л903-1/2-14595 түшүндүрмө катына ылайык, 2017-жылдын 1-жарым жылдыгындагы абал боюнча, 384 медицина мекемелеринин ичинен 67%да «1-С: Бухгалтерия» программалык камсыздоо колдонулууда жана интернет аркылуу отчет берилүүдө, анын ичинен Бишкек шаарынын 78 мекемесинин 76%.

01.09.2018-жылдагы абал боюнча саламаттык сактоо уюмдарынын 85%ы балансты «1-С: Бухгалтерия» программалык камсыздоодо түзүүдө, программада жарым-жартылай иштегендер - 12%, программада иштебегендер - 3%.

«1-С: Бухгалтерия» программалык камсыздоодо иштөөгө жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары боюнча, Саламаттык сактоо

министрлигинин 20.09.2017-жылдагы №833 жана 09.01.2019-жылдагы №1 буйруктары менен, саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерине сөгүш берүү (тиешелүү түрдө 6 жана 6) жана эскертүүлөр (тиешелүү түрдө 55 жана 16) түрүндө тартип жазасы боюнча чаралар көрүлгөн.

**Электрондук саламаттык сактоо борбору**

Мекеме Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2017-жылдын 12-январындагы №23 буйругу менен бекитилген Жобонун негизинде иштейт. Бекитилген штаттык жүгүртмөгө ылайык, Электрондук саламаттык сактоо борборунун персоналынын саны 61,5 бирдикте аныкталган. Мында, Саламаттык сактоо министрлигинин башка бөлүмдөрү менен кайталанган функцияларды алып салуу предметине талдоо жүргүзүлгөн эмес. Маалыматтык бөлүмдө эки экономисти күтүү каралган, экономикалык эсептөөлөрдү талап кылган милдеттер бөлүмгө жүктөлгөн эмес, мында АБП штатында 1 экономист кызматы бар. Түзүмдө 5 бирдик менен, окутуу, кадрларды даярдоо жана ЖМК менен өз ара аракеттенишчү бөлүмү каралган, жобого ылайык, Электрондук саламаттык сактоо борборуна кадрларды окутуу жана кайрадан даярдоо функциясы жүктөлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан Электрондук саламаттык сактоо борборунун такталган чыгымдар сметасы маалымкат-билдирүүгө ылайык, жоюлган РМИЦ үчүн багытталган пайдаланылбаган каражаттардын 3727,9 миң сом суммасындагы калдыгын кайрадан даректөө жолу менен аныкталган. Жыл ичинде эмгек акыларга бөлүнгөн акча каражаттары 3731,5 миң сомго жана Соцфондго төгүмдөр 648,4 миң сомго чейин такталган. Бөлүнгөн акча каражаттарынын өлчөмү Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан эмгек акынын эсептик фондуна байланыштырылбастан аныкталгандыктын эсебинен, үнөмдөө пайда болгон, ал эмгекке катышуу коэффициенти (ЭКК) түрүндө кошумча төлөмдөргө колдонулган. Алсак, ЭКК боюнча кошумча төлөмдөрдү төлөөгө 1034,9 миң сом жана кызматкерлерди сыйлоого 321,7 миң сом багытталган.

Колдонуудагы эмгек акы шарттары менен, Электрондук саламаттык сактоо борбору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.03.2016-жылдагы №134 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Электрондук саламаттык сактоо программасын ишке ашыруу үчүн жогорку квалификациялуу адистерди топтой албай жатат. Демек, түзүлгөн штаттык сан убактысынан мурда кабыл алынган жана эмгек акы өлчөмдөрүн эске алуу менен, кызматкерлердин сапаттык эмес, сандык потенциалына багытталган.

## Эмгек акы жана сый акыларды төлөө боюнча чыгымдарды талдоо

Министрликтин ведомстволук мекемелеринде эмгек акыларды төлөөдө жана эсептөөдө Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын төмөндөгү пункттары сакталган эмес:

- Кыргыз Республикасынын “Эмгек кодексинин” 332-беренесинде белгиленгенден ашыкча кесиптерди айкалыштыруу жумуш убактысынын узактыгы, дисциплинардык өндүрүү мөөнөтү бүткөнгө чейин сый акыларды төлөө (КР “Эмгек кодексинин” 149-беренеси), КР “Эмгек кодексинин” 130-беренесинин талаптарын сактабастан эмгек акыларды төлөө (эмгек өргүүдөн чакыртып алуу);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык жумушчу орундарына аттестация өткөрбөстөн туруп зыяндуулугу үчүн кошумча төлөө;
- Кыргыз Республикасынын 26.05.2011-жылдагы №246 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө жөнүндө” токтомунун 32-пунктунда белгиленген өлчөмдөн ашыкча атайын каражаттардын эсебинен эмгек акы төлөөгө багыттоо жана иштеген жылдарынын өлчөмүн туура эмес белгилөө.

Аудиттин жыйынтыгы боюнча эмгек акыга негизсиз кошумча төлөп берүүлөр жалпы **493,7 миң сом** суммасында аныкталган, анын ичинде: Сузак райондук ОП жана МСЭКБ – 2,3 миң сом, Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору - 30,0 миң сом, Жалал-Абад областтык репродукция борбору - 3,0 миң сом, “Кочкор-Ата” атындагы областтар аралык медициналык реабилитациялоо борбору – 2,1 миң сом, Базар-Коргон райондук ОП жана МСЭКБ – 26,0 миң сом, Балдарды жана үй-бүлөнү реабилитациялоонун адистештирилген борбору – 12,9 миң сом, Бакай-Ата райондук ОП жана МСЭКБ – 1,6 миң сом, Кара-Буура райондук ОП жана МСЭКБ – 2,0 миң сом, Кыргыз Мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунун түштүк филиалы – 36,0 миң сом, Каракол медициналык колледжи - 21,9 миң сом (ашык төлөө), Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү жана таяныч-кыймыл мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн реабилитациялык борбору - 56,5 миң сом, Ош областтык соттук-медициналык экспертиза бюросу - 29,4 миң сом, Ош областтык адам репродукциялоо борбору - 63,1 миң сом, Ош атайын ооруканасы - 59,0 миң сом, Баткен областтык соттук-медициналык экспертиза бюросу – 16,8 миң сом, Кадамжай райондук ОП жана МСЭКБ –

6,2 миң сом, Кызыл-Кыя ОП жана МСЭКБ - 87,0 миң сом, ОП жана МСЭКБ департаменти - 24,2 миң сом жана ДДК жана МТ департаменти -13,7 миң сом.

Мындан тышкары, аудитте резервдер жана жоготуулар көбүн эсе эмгек акыларды төлөөдө бузуулар (эмгек акыларды, сый акыларды жана башка сыйлыктарды төлөө ченемдеринин жана башка ченемдер боюнча белгиленген сандын сакталбагандыгынан келип чыккан негизсиз төлөп берүүлөрдүн суммасы) жалпы суммасы - **3220,2 миң сомго** аныкталган, анын ичинен: Ош областтык соттук-медициналык экспертиза бюросу – 171,3 миң сом, Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү жана таяныч-кыймыл мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн реабилитацияоо борбору - 46,9 миң сом, Баткен областтык кан куюу борбору – 145,0 миң сом, Кара-Балта медициналык колледжи – 32,7 миң сом, Жалал-Абад шаардык ОП жана МСЭКБ -33,7 миң сом, Сузак райондук ОП жана МСЭКБ – 81,6 миң сом, Базар-Коргон райондук ОП жана МСЭКБ – 6,8 миң сом, Ноокен райондук ОП жана МСЭКБ – 278,5 миң сом, Жалал-Абад медициналык колледжи – 1257,6 миң сом, Жалал-Абад областтык адамдын репродуктивдүү ден соолугун коргоо боюнча борбору – 112,6 миң сом, Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институту – 1027,3 миң сом жана Бишкек шаарындагы адистештирилген балдар үйү – 25,8 миң сом.

**Отчет берүүчү адамдар менен эсептешүү абалына жүргүзүлгөн аудит**

Министрликтин ведомстволук уюмдарына жүргүзүлгөн аудитте аныкталган негизсиз эсептен чыгарылган отчет берүүчү суммалардын жалпы суммасы - 72,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен: Базар-Коргон райондук ОП жана МСЭКБ – 47,0 миң сом, Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору – 20,4 миң сом, Жалал-Абад областтык кан куюу борбору – 1,2 миң сом, Базар-Коргон реабилитациялоо борбору – 3,5 миң сом.

Саламаттык сактоо министрлигинин борбордук аппаратынын борборлоштурулган иш-чараларына жүргүзүлгөн аудитте, командировкалык чыгымдарга каражаттарды берүү, командировкага жөнөтүлгөн топтун бир эле отчет берүүчү адамына берүү жолу менен жүргүзүлгөндүгү аныкталган. Мындай учурларда авансылык отчетторду топ үчүн, бир эле адам берип келген. Мында, бул адамдар Саламаттык сактоо министрлигинин аппаратынын тизмесинин курамында жок, бул Улуттук банктын токтому менен бекитилген кассалык операцияларды жүргүзүү Тартибине ылайык келбейт, ал КР Улуттук Банкынын 2018-жылдын 14-мартындагы №2018-П-13/8-7 токтомуна ылайык күчүн жоготкон.

## Жылуулук жана электр энергиясын керектөө лимиттеринин сакталышына жүргүзүлгөн аудит

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.04.2016-жылдагы № 140-б "2016-2017-жылдарга бюджеттик уюмдар үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөө лимитин бекитүү жөнүндө" буйругун жана Саламаттыкты сактоо министрлигинин 21.08.2017-жылдагы №732 "Саламаттык сактоо министрлигинин түзүмдүк жана ведомстволук мекемелерине "электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөө лимитин бекитүү жөнүндө" буйругун бузуу менен, Саламаттыкты сактоо министрлигинин айрым уюмдары тарабынан электр жана жылуулук энергиясын бекитилген лимиттен ашыкча керектөөлөрдүн жалпы суммасы – **1265,7 миң сом,** анын ичинен: Бишкек шаарындагы адистештирилген балдар үйү - 28,6 миң сом, "Родничок" балдар психоневрологиялык санаториясы - 97,4 миң сом, Дарылоо-профилактикалык мекемеси - студенттер бейтапканасы - 5,8 миң сом, Талас областтык кан куюу борбору – 133,6 миң сом, Талас областтык биргелешкен соттук-медициналык экспертиза бюросу – 2,6 миң сом, Манас райондук ОП жана МСЭКБ - 1,7 миң сом, Сузак райондук ОП жана МСЭКБ – 82,5 миң сом, Жалал-Абад медициналык колледжи - 127,9 миң сом, "Профилактикалык медицина" БӨУ - 134,5 миң сом, Жалал-Абад областтар аралык "Бакыт" реабилитациялоо борбору - 36,7 миң сом, Жалал-Абад областтык репродукциялоо борбору - 5,5 миң сом, Ысык-Көл райондук ОП жана МСЭКБ - 108,0 миң сом, МРК "Ден-Соолук" - 488,0 миң сом, Баткен областтык медициналык-маалыматтык борбор – 8,3 миң сом, Баткен областтык кан куюу борбору - 4,6 миң сом.

## Дебитордук жана кредитордук карыздардын жүгүртүлүшүн талдоо

Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулуктун маалыматына ылайык, жыл башында дебитордук карыздын калдыгы - **134 013,2 миң сомду** түзгөн, анын ичинде: бюджеттик каражаттар боюнча - 105055,0 миң сом, атайын эсеп боюнча - 28958,1 миң сом. 31.12.2017-жылга карата дебитордук карыздын калдыгы - **131 360,2** миң сомду түзгөн, анын ичинде: бюджеттик каражаттар боюнча дебитордук карыздын калдыгы - 99 379,3 миң сом, атайы эсеп боюнча - 31 980,8 миң сом, жыл аягына карата 2653,0 миң сомго азайтылган. Беренелер боюнча дебитордук карыз төмөндөгүдөй маалыматтар менен мүнөздөлөт. Кызматчылардын дебитордук карызы - 4191,0 миң сом, кем чыгуулар, уурдоолор, жок кылуулар - 11079,2 миң сом, жана башка ички карыз - 565,8 миң сом, аванс менен төлөнгөн корлор - 72954,9 миң сом, аванс менен төлөнгөн кызмат көрсөтүүлөр жана жумуштар - 20472,2 миң сом, аванс менен төлөнгөн негизги фонддор – 14403,6 миң сом жана эмгек акынын авансы – 7693,2 миң сом.

Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун маалыматтарына ылайык, жыл башына карата кредитордук карыздын калдыгы - **63 830,0 миң сомду** түзгөн**,** анын ичинде: бюджеттик каражаттар боюнча – 42925,4 миң сом, атайын эсеп боюнча – 20904,6 миң сом. 31.12.2017-жылга карата бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун маалыматтарына ылайык, кредитордук карыздын калдыгы - **66 879,8 миң сом**, анын ичинде: бюджеттик каражаттар боюнча кредитордук карыздын калдыгы – 37406,3 миң сом, ал эми атайын каражаттар боюнча - 29473,4 миң сом, жыл аягында 3049,8 миң сомго көбөйтүлгөн. Кредитордук карыздын калдыгынын өсүшү, "Убактылуу буйруктар боюнча алынган каражаттар боюнча эсептер" беренеси боюнча калдыктарды көбөйтүүнүн эсебинен келип чыккан жана "Кызмат көрсөтүүлөр жана жумуштарга карата төлөнүүчү эсептер" беренеси боюнча азайтылган. Беренелердин бөлүгүндө кредитордук карыз төмөндөгүдөй маалыматтар менен мүнөздөлөт. Кызматчылардын кредитордук карызы - 2441,6 миң сом, ички ведомстволук эсептешүүлөр - 133,3 миң сом, убактылуу буйруктар боюнча алынган каражаттар боюнча эсептешүүлөр - 15069,8 миң сом, жана башка ички кредитордук карыз - 0,2 миң сом, эмгек акы жана эмгек үчүн башка сый акылар - 3913,4 миң сом, жеке киреше салыгы -1524,6 миң сом, пенсиялык фондго төгүмдөр - 4405,9 миң сом, ММКФ төгүмдөрү - 883,3 миң сом, аткаруу баракчасы боюнча милдеттенмелер - 20,7 миң сом, профсоюздук төгүмдөр - 371,4 миң сом, корлорго карата төлөнүүчү эсептер - 9487,7 миң сом, кызмат көрсөтүүлөр жана жумуштарга карата төлөнүүчү эсептер - 9901,8 миң сом, негизги фонддорго карата төлөнүүчү эсептер – 18527,9 миң сом, эмгекке жарамсыздык баракчасы - 114,3 миң сом жана күрөөлүк камсыздоо - 83,3 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 "Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчет боюнча эсептердеги каражаттардын калдыктары жана товардык - материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарын эсепке алуу тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, бюджеттик мекемелердин жылдык отчеттору боюнча дебитордук карызды эсепке алуу жүргүзүлөт. Эсепке алууга жаткан дебитордук карыздын суммасы, тиешелүү элементтер боюнча "Дебитордук жана насыялык карыз жөнүндө маалыматтар" мекеменин отчетту боюнча дебитордук жана кредитордук карыздын ортосундагы айырма катары аныкталат.

Чегерилүүгө тийиш болгон бюджеттик каражаттар боюнча дебитордук карыздын суммасы - **5351,5 миң сомду** түзгөн. *Мекемелер боюнча маалымат №12 тиркемеде.*

**Товардык-материалдык корлордун жүгүртүлүшүн талдоо**

Саламаттык сактоо министрлигинин 2017-жылга карата бириктирилген отчетунун маалыматтарына ылайык, жылдын башына товардык-

материалдык корлордун калдыгы - 544,7 млн. сомду түзгөн, анын ичинде: бюджеттик каражаттар боюнча - 253,5 млн. сом жана атайын эсептин каражаттары боюнча - 291,1 млн. сом. Отчеттук жылдын аягына товардык-материалдык корлордун калдыгы - 602,6 млн. сомду түзгөн, анын ичинде: бюджеттик каражаттар боюнча - 278,9 млн. сом жана атайын эсептин каражаттары боюнча - 323,7 млн. сом. Жыл башына салыштырмалуу товардык-материалдык корлордун калдыгы 57,9 млн. сомго өскөн, анын ичинде: бюджеттик каражаттар боюнча - 25,4 млн. сом жана атайын эсептин каражаттары боюнча - 32,5 млн. сом. Товардык-материалдык корлордун калдыгынын өсүшү, калдыктарды "Медикаменттер жана таңуучу, ороочу материалдар" беренеси боюнча 57,9 млн. сомго көбөйтүүнүн эсебинен келип чыккан, анын ичинде: бюджеттик каражаттар боюнча - 31,4 млн. сом жана атайын эсептин каражаттары боюнча - 26,5 млн. сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 "Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчет боюнча эсептердеги каражаттардын калдыктары жана товардык - материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарын эсепке алуу тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, 2017-жылга карата финансылык отчеттуулукка ылайык бюджеттик каражаттар боюнча ченемден ашыкча корлордун суммасы – **3950,0 миң сомго** аныкталган. *Мекемелер боюнча маалымат №12 тиркемеде.*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.06.2017-жылдагы "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бекитүү тууралуу" (расмий жарыяланган күндөн тартып 10 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет) токтомуна ылайык, медикаменттер жана таңуучу, ороочу материалдар боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын корлорунун ченемдери Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо тутумунун мекемелери үчүн жайылтылбайт.

## Автотранспорторду жана транспорттук каражаттарды пайдаланууга жүргүзүлгөн аудит

2017-жылдын аягында Саламаттыкты сактоо министрлигинин жалпы мекемелери боюнча күйүүчү-майлоочу майлардын (КММ) - **319,0 миң сом суммасындагы** ченемден ашык чыгымдары пайда болгон, анын ичинде: Өзгөн райондук ОП жана МСЭКБ - 14,0 миң сом, Кара-Кулжа райондук ОП жана МСЭКБ - 19,7 миң сом, Ноокен райондук ОП жана МСЭКБ - 88,0 миң сом, Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техника департаменти – 9,3 миң сом жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин автобазасы - 188,0 миң сом.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2011-жылдагы №767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында

жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтомун бузуу менен, Жалал-Абад областтык ОП жана МСЭКБда 2 автотранспорт каражаттарынын ордуна 3 автотранспорт каражаттары бар.

**Автобаза**

Саламаттыкты сактоо мекемелерине транспорттук кызмат көрсөтүүдөн алынган кирешелердин эсебинен Министрликтин автобазасын күтүү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2011-жылдагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна карама-каршы келет, ал боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Иш башкармалыктарынын транспорттук ишканаларынан сырткары, транспорттук кызмат көрсөтүүдөн алынган кирешелердин эсебинен мамлекеттик органдардын жана бюджеттик мекемелердин атайын каражаттарын түзүүгө тыюу салынган.

**Саламаттык сактоо министрлигинин ведомстволук мекемелеринде “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын сакталышына жүргүзүлгөн аудит**

*Жалал-Абад областтык Ооруларды профилактикалоо жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борбору:*

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, сатып алуу бөлүмүнүн адистеринин тастыктоочу сертификаттары жок. Окууга жөнөтүлгөн бөлүмдүн адиси тарабынан сертификаты албагандыгынын натыйжасында, 5,5 миң сом суммасындагы атайын каражаттар натыйжасыз пайдаланылгандыгы аныкталган. Бөлүмдө квартал сайын бааларга жүргүзүлүүчү мониторинги боюнча актоочу документтер жок. Эки учурда конкурс өткөрүлбөстөн туруп, “Медициналык багыттагы буюмдарды жана дары-дармектерди сатып алуу” беренеси боюнча 169,2 миң сом суммасында сатып алуулар жүргүзүлгөн. Компьютердик техниканы сатып алуу боюнча мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө “Мамлекетти сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин 1-пункту бузулган.

*Жалал-Абад областтык Кан куюу борбору:*

“Мамлекетти сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, сатып алуу бөлүмүнүн 1 гана адиси тастыктоочу сертификатка ээ, ошондой эле ушул

мыйзамдын 21-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, келишимди түздөн-түз түзүү ыкмасы менен сатып алууда, бааларга мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

*Сузак райондук Ооруларды профилактикалоо жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору:*

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пунктун жана 1-пунктун бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жоопкерчилиги бөлүмдөрдүн бирине жүктөлгөн эмес жана сатып алуу бөлүмүнүн 1 гана адиси тастыктоочу сертификатка ээ.

*Ноокен райондук Ооруларды профилактикалоо жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору:*

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, сатып алуу бөлүмүнүн 1 гана адиси тастыктоочу сертификатка ээ, ошондой эле ушул мыйзамдын 21-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, келишимди түздөн-түз түзүү ыкмасы менен сатып алууда, бааларга мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

*Жалал-Абад областык Медициналык колледжи:*

"Мамлекетти сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесин бузуу менен, жөнөкөйлөштүрүлгөн ыкмасы менен конкурс өткөрүүдө, конкурстук комиссия түзүлгөн эмес.

"Мамлекетти сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пунктун жана 1-пунктун бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жоопкерчилиги бөлүмдөрдүн бирине жүктөлгөн эмес, бааларга мониторинг жүргүзүү боюнча актоочу документтер жок.

Компьютердик техникаларды сатып алууда тендердик комиссия тарабынан ЖИ Джалаловага жеңишти ыйгаруу боюнча негизсиз чечим кабыл алынган, ошону менен бюджеттин жоготуусу 29,0 миң сомду түзгөн.

2017-жылдын октябрь айында 50,6 миң сом суммасында сатылып алынган 4 плита, 8 ай өткөндөн кийин багыты боюнча колдонулган эмес жана жатаканада сакталууда, бул каражаттардын натыйжасыз пайдаланылышына алып келген.

*Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору*

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пунктун жана 1-пунктун бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жоопкерчилиги бөлүмдөрдүн бирине жүктөлгөн эмес, бааларга мониторинг жүргүзүү боюнча актоочу документтер жок.

*"Профилактикалык медицина" илимий-өндүрүштүк бирикмеси*

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын 10-беренесинин 1-пунктун бузуу менен мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жоопкерчилиги бөлүмдөрдүн бирине жүктөлгөн эмес.

Келишимди түз түзүү ыкмасы менен мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын “Мамлекетти сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 21-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, порталага кулактандыруу жайгаштырылбастан туруп, түз келишим түзүү ыкмасы менен суммасы 25,0 миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн.

*Спорттук медицина жана медициналык-консультациялык кызмат көрсөтүү борбору*

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, бааларга жүргүзүлгөн мониторинг боюнча актоочу документтер жок. Кыргыз Республикасынын “Мамлекетти сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 10-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, жөнөкөйлөштүрүлгөн ыкмасы менен конкурс өткөрүүдө конкурстук комиссия түзүлгөн эмес. Түз түзүү ыкмасы менен мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, “Мамлекетти сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин 1-пункту бузулган.

“Fonotech” ЖЧКсы тарабынан жабдууларды өз убагында жеткирип бербегендиги үчүн айып эсептелинген эмес, мындан улам 86,0 миң сом суммасында бюджеттик жоготуулар аныкталган.

*Жалал-Абад областтар аралык “Бакыт” реабилитациялоо борбору*

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пунктун жана 1-пунктун бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жоопкерчилиги бөлүмдөрдүн бирине жүктөлгөн эмес, бааларга мониторинг жүргүзүү боюнча актоочу документтер жок.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 3 жана 4-пункттарын бузуу менен, сатып алуучу мекеме тарабынан маалыматтар базасына ЖИ А. Бусурманкулованы ишенимсиз жабдуучулардын тизмесине киргизүү демилгеси көтөрүлгөн эмес, ал өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыктары боюнча жеңиш ыйгарылгандан кийин, эмеректерди жеткирип берүү боюнча келишим түзүүдөн баш тарткан.

Медициналык жабдууларды сатып алуу боюнча өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыктары боюнча конкурстук комиссия “Рем-Монтаж” ЖЧКсынын лицензиясынын жоктугуна байланыштуу, конкурстук табыштамасынан баш тартуу чечими кабыл алынган. Ошону менен бирге “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесине ылайык, иш процессинде аракеттердин түрлөрүнө уруксат берүүчү тизмесинде медициналык жабдууларды жеткирүү көрсөтүлгөн эмес. Жыйынтыгында бюджеттик жоготуу 28,8 миң сомду түзгөн.

“Фаворит-Сервис” ЖЧКсы менен түзүлгөн келишим боюнча суммасы 58,0 миң сомго жабдуулар алынып келинген эмес. “Мамлекеттик сатып

алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 3-пунктунун 4-пунктчасын бузуу менен, сатып алуучу мекеме тарабынан маалыматтар базасына “Фаворит-Сервис” ЖЧКсын ишенимсиз жабдуучулардын тизмесине киргизүү демилгеси көтөрүлгөн эмес.

*Жалал-Абад областтык репродукциялоо борбору*

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пунктун жана 1-пунктун бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жоопкерчилиги бөлүмдөрдүн бирине жүктөлгөн эмес, бааларга мониторинг жүргүзүү боюнча актоочу документтер жок.

*“Кочкор-Ата” областтар аралык медициналык реабилитациялоо борбору*

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пунктун жана 1-пунктун бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жоопкерчилиги бөлүмдөрдүн бирине жүктөлгөн эмес, бааларга мониторинг жүргүзүү боюнча актоочу документтер жок.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 3-пунктунун 4-пунктчасын бузуу менен, сатып алуучу мекеме тарабынан маалыматтар базасына ЖИ Н. Жунусалиеваны ишенимсиз тжабдуучулардын тизмесине киргизүү демилгеси көтөрүлгөн эмес, ал өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыктары боюнча жеңиш ыйгарылгандан кийин, оңдоо иштерин жүргүзүү үчүн келишим түзүүдөн баш тарткан.

*Базар-Коргон райондук Ооруларды профилактикалоо жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору:*

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пунктун жана 1-пунктун бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жоопкерчилиги бөлүмдөрдүн бирине жүктөлгөн эмес, бааларга мониторинг жүргүзүү боюнча актоочу документтер жок. Келишимди түз түзүү ыкмасы менен мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин 1-пункту бузулган.

**Курулуш-оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудит**

“Эне жана баланы коргоо IV-V” долбоору боюнча Немец өнүктүрүү банкы тарабынан каржыланган *“Эне жана баланы коргоонун улуттук борборуна караштуу Перинаталдык борборундагы колдонуудагы имаратты реконструкциялоо менен жаңы блокту кошумча куруу (тышкы тармактарды куруу)” объектиси боюнча* аткарылган иштерге жүргүзүлгөн аудит тарабынан, 21.07.2017-жылы өткөрүлгөн конкурстун негизинде жеңүүчү болуп, пландагы 28 845,4 миң сом суммасы алдында

21 845,4 миң сом суммасы менен “Эко-Строй-Сервис” ЖЧКсы аныкталган. Курулуш иштери автордук көзөмөл жок жүргүзүлгөн.

Заказ берүүчү жана подрядчынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен, иштин көлөмүнө тандалма контролдоп өлчөө жүргүзүлгөн. Натыйжада, иштин жалпы көлөмү **5 552,4 миң сом** суммасында ашырылгандыгы аныкталган, алар аудиттин жүрүшүндө подрядчы “Эко-Строй-Сервис” ЖЧКсынын аткарылган иштеринин көлөмүнөн алуу жолу менен, толук көлөмдө калыбына келтирилген.

Немец өнүктүрүү банкынын “Шашылыш медициналык жардам” долбоору боюнча *“Жалал-Абад шаарындагы Жалал-Абад областтык бириктирилген клиникалык ооруканасынын травматология жана хирургия имаратына кошулган, шашылыш медициналык жардам бөлүмүнүн жаңы корпусун куруу”* объектиси боюнча иштердин көлөмү **14 022 еврого** же КРУБдун 14.08.2018-жылдагы курсу боюнча - **1100,7 миң сомго** ашырылгандыгы аныкталган.

Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институтундагы капиталдык ондоо иштерине жүргүзүлгөн аудит тарабынан, КР Мамкурулуш тарабынан иштелип чыккан МДС 81-01-2015-жылдагы “Кыргыз Республикасынын аймагындагы курулуштардын наркын аныктай турган методикалык көрсөтмөлөргө” ылайык эмес аткарылган иштерге актыларды түзүү аныкталган. Оңдоо иштерин жүргүзүү учурунда подрядчылар тарабынан колдонулуучу материалдарга шайкештик сертификаттары жана счет-фактурасы берилген эмес.

Ошондой эле бардык аткарылган иштер боюнча, жашырылган иштерге актылар түзүлгөн эмес. Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институту тарабынан келишимди аткарууну кепилдик камсыздоо (КАКК) боюнча төлөм талаптарына жетиштүү көңүл бурулган эмес. Оңдоо иштер аяктагандан кийин заказ кылуучу тарабынан белгиленген мөөнөттө бул акча каражаттары кармалып калынбагандан улам, подрядчылардан пайдалануу мезгилинде аныкталган кемчиликтерди жоюуга жана кайрадан оңдоо иштерин өткөрүүгө талап кылуу мүмкүн болбогон жагдайга алып келген.

Белгилей кетүүчү нерсе, конкурска катышкан подрядчылардын ичинен Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институту тарабынан жеңүүчү болуп, сметасынын суммасы абдан төмөн сунуштаган (орточо эсеп менен 65,8% өлчөмүндө) жана материалдарга бааны негизсиз төмөндөткөн компания таанылган.

**Ижара ишине аудит**

Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институтунда (ККжанаККДИИИ) 2017-жылга ижара акысынан келип түшүүлөрдүн жалпы суммасы – 307,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен республикалык бюджеттин кирешесине ыйгарым укуктуу

мамлекеттик органдын эсебине – 170,2 миң сом которулган. Республикалык бюджеттин кирешесине которулууга тийиш болгон, которулбай калган сумманын калдыгы 137,2 миң сомду түзгөн.

ККжанаККДИИИнин медициналык-реабилитациялоо борборунда аянты 351кв. метр болгон имаратты 10.10.2016-жылдан 09.11.2017-жылга чейин “Марлес” ЖЧКсы ижара акысын төлөбөстөн ээлеп турган. 08.09.2011-жылдагы №872 келишим боюнча ижара мөөнөтү бүткөнүнө карабастан, “Марлес” ЖЧКсы өз ыктыяры менен имаратты бошотуп берген эмес. Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун 22.05.2017-жылдагы чечиминин негизинде, сот аткаруучулар тарабынан 09.11.2017-жылы “Марлес” ЖЧКсы көчүрүлгөн. Имаратты мыйзамсыз ээлеп алуудан келип чыккан жоготуулар - 393,3 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту (КММКД жана КЖ) көп жылдардан бери Биринчи Май райондук сотунда ижарачы С.А. Араловадан, КММКД жана КЖ балансында катталган Бишкек шаары, Бөкөнбаев көчөсү, 14 дареги боюнча жайгашкан 582,17 чарчы метр жалпы аянтын түзгөн, ашкана жана жер төлө жайын 10 жылдык мөөнөткө ижарага алуу жөнүндө 2000-жылдын 27-ноябрындагы №279 келишимди бузуу жана карызды өндүрүү жөнүндө Биринчи Май райондук сотунда соттук териштирүүлөр жүргүзүлүп келет. Биринчи Май райондук сотунун 2018-жылдын 24-декабрындагы чечими менен келишимди бузуу, мүлккө салык жана жер салыгына акы төлөө бөлүгүн канааттандыруудан баш тартылган. КММКД жана КЖ тарабынан мүлккө жана жер салыгын төлөө бөлүгүндө аппеляциялык түрдө арыз даярдалууда.

Жалал-Абад медициналык колледжинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 17.06.2015-жылдагы №374 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө” Жобонун 2-пунктунун 18-пунктчасын бузуу менен, аукцион өткөрүлбөстөн туруп, жалпы аянты 96,0 чарчы метр болгон имарат коомдук тамак-аш жайы үчүн ижарага берилген. Мында ижара келишиминде ижарачы тарабынан коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгымдардын ордун толтуруу каралган эмес. Электр эсептегичинин көрсөткүчтөрү боюнча ижарачынын электр энергиясын керектөөдөн келип чыккан 7,5 миң сом суммасында чыгымын окуу жай негизсиз калыбына келтирген. Ошондой эле жогоруда келтирилген Жобонун 65-пунктунун 6-пунктчасын бузуу менен, келип түшкөн 150 миң сом ижара каражаты ыйгарым укуктуу органдын алыш-бериш эсебине которулган эмес.

**Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институтуна** жүргүзүлгөн аудитте жалпы суммасы 4193,5 миң сомго акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр акы алынбастан көрсөтүлгөндүгү, ошондой эле жалпы суммасы 69,3 миң сомго акы төлөнүүчү палаталарына акы алынбагандыгы жана аудиттин жүрүшүндө

каттоого алынган, акы төлөнүүчү палаталардын демөөрчүлөр тарабынан берилген жалпы суммасы 1313,1 миң сомдук материалдык ресурстары каттоого алынбагандыгы аныкталган, алар ушул аудиттин жүрүшүндө кириштелген.

Аудитте ***Базар-Коргон райондук ОП жана МСЭКБдин*** балансында турган имаратка, ***Сузак райондук ОП жана МСЭКБ*** ээлеген жер участогуна жана Көк-Жаңгак участогундагы имаратка укукту белгилөөчү документтердин жоктугу аныкталган.

## Билим берүү иши боюнча чыгымдарга жүргүзүлгөн талдоо жана аудит

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.06.2006-жылдагы №404 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жогорку окуу жайларында студенттерди окутуу үчүн мамлекеттик билим берүү гранттар жөнүндө" Жобого ылайык, Мамлекеттик билим берүү гранты - республика үчүн артыкчылыктуу багыттар жана адистиктер боюнча адистерди даярдоого мамлекеттик заказга киргизилген мамлекеттик ЖОЖдо окутууга мамлекет тарабынан конкреттүү адамга бөлүнүүчү акысыз финансылык каражаттар.

Гранттардын саны жана өлчөмү министрликтерге, адистиктерге карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сунушу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде билим алуучуларды кабыл алуунун көлөмү жана адистиктердин тизмеси, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 26-мартындагы №203 токтому менен бекитилген, "Эмгектик ресурстарга керектөөлөрдү божомолдоо методикасына" ылайык, тармактык министрликтер жана ишке орноштуруунун аймактык органдары тарабынан берилген маалыматтардын негизинде, ишке орноштуруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан түзүлгөн эмгек ресурстарга болгон керектөөнүн жыйынтыктоочу божомолунун негизинде аныкталат.

Бирок Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан эмгек ресурстарына керектөөлөрдүн болжолу түзүлбөйт. Келерки жылга жогорку жана орто окуу жайларына окугандарды кабыл алуу көлөмү жана адистиктердин тизмеси, мурунку жылдын лицензиялаштырылган чектүү контингентине жараша саламаттык сактоо уюмдарынын каалоосу боюнча түзүлөт. Буга байланыштуу эмгек рыногу, квалификациялуу кадрларды даярдоонун ашыкча болгонунан улам аларга муктаж эмес, бул жогорку окуу жайлардын жана орто окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү арасында жумушсуздуктун өсүшүнө алып келүүдө.

Белгилей кетүүчү нерсе, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине абитуриенттерди конкурстук кабыл алуу аяктагандан

кийин кабыл алынган абитуриенттердин саны жөнүндө отчетту жана грант ээлеринин саны боюнча квартал сайын маалыматтарды жана алар боюнча финансылык отчетторду бербейт.

**И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында** LG160000010 лицензиясынын негизинде 626 ординаторду окутууга укук берилген, 01.10.2017-жылдагы абалы боюнча 657 адам же ченемден ашыкча 31 ординатор окуган.

Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 28-майындагы №331 “Орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын окутууну каржылоо механизмин бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, жогорку окуу жайдан жана орто кесиптик окуу жайдан жүйөлүү себептер же өз каалоосу боюнча, окшош эмес адистикке же окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча которулгандыгына байланыштуу, бюджеттик негизде окуган адамдар, билим берүү уюмуна адисти даярдоого кеткен чыгымдын ордун толтурууга милдеттүү.

Аудит жүргүзүлгөн мезгилде берилген маалыматтарга ылайык, мамлекеттик билим берүү грантынын негизинде ар кандай себептер менен 77 студент окуудан чыгарылган, анын ичинен: “өз каалоосу менен” - 11 студент, анын ичинде, республикалык бюджетке 168,2 миң сом суммасында гранттын наркын - 5 студент калыбына келтирген, **223,1** миң сом суммасында гранттын наркын 4 студент калыбына келтирүүгө тийиш; “академиялык жетише албагандыгына” байланыштуу – 39, алар боюнча бюджеттин жоготуулары - **2851,6** миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 31.07.2007-жылдагы №303 “Ординатура жөнүндө” токтомунун 26-пунктуна ылайык, окууну бюджеттик негизде бүтүргөн ординатуранын бүтүрүүчүлөрү, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын жолдомосу боюнча иштеп берүүгө милдеттүү. Үч тараптуу келишим боюнча, жолдомо менен иштөөдөн баш тарткан же толук эмес иштеген ординатуранын бүтүрүүчүлөрү, аларды даярдоого кеткен чыгымдын ордун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык толтурууга милдеттүү.

2017-жылы окууну 119 клиникалык ординаторлор жана интерндер бүтүргөн, анын ичинде бюджеттик каражаттын эсебинен 72 студент окуган, алар Саламаттыкты сактоо министрлигинин комиссиясы тарабынан багыты боюнча иштеп берүү үчүн бөлүштүрүлгөн. Берилген маалыматтарга ылайык, 1 жыл ичиндеги убакытка чейин ординаторанын жана интерндин 46 бүтүрүүчүсү бөлүштүрүлгөн багыты боюнча жумушка орношкон эмес, республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирилүүгө тийиш болгон окутуунун наркы - **7940,6** миң сомду түзгөн.

**Кара-Балта медициналык колледжинде** 2015-2016 окуу жылдары үчүн бюджеттик каражаттын эсебинен окуган үй-бүлөлүк жана башка шарттар боюнча окууга келбеген 19 студент окуудан чыгарылган.

Натыйжада, гранттык негизде адистерди окутуу боюнча республикалык бюджеттин жоготуулары - **462,2** миң сомду түзгөн.

2017-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде жана анын аймактык жана ведомстволук бөлүнүштөрүндө бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын, атайын эсептердиги кирешелердин жана чыгымдар сметасынын аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча **76 436,6 миң сомго** каржы бузуулар аныкталган, анын ичинде:

- ТМБ жана акча каражаттарынын кем чыгуусу - ***29,0*** *миң сом суммасында,* калыбына келтирилди - *24,9 миң сом (мекемелер боюнча маалымат №3 тиркемеде).*
- эмгек акыларды негизсиз төлөп берүүлөр - ***493,7*** *миң сом (мекемелер боюнча маалымат №4 тиркемеде).*
- Материалдык баалуулуктарды жана отчет берүүчү суммаларды негизсиз эсептен чыгаруу - ***586,3*** *миң сом,* калыбына келтирилди - *462,7 миң сом (мекемелер боюнча маалымат №5 тиркемеде).*
- Казыналыктын регионалдык бөлүмдөрүн кыйгап өтүү менен атайын каражаттарды пайдалануу - ***5641,9*** *миң сом,* калыбына келтирилди – *111,3 миң сом (мекемелер боюнча маалымат №6 тиркемеде).*
- Курулуш-куроо иштеринин көлөмүн ашыруу - ***6908,5*** *миң сом,* калыбына келтирилди - *5644,2 миң сом (мекемелер боюнча маалымат №7 тиркемеде).*
- мамлекеттик каражатты максатсыз пайдалануу - **19082,5** миң сом, калыбына келтирилди - 18961,2 миң сом (*мекемелер боюнча маалымат №8 тиркемеде).*
- эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган насыялык карыз - ***43544,5*** *миң сом,* калыбына келтирилди - *42331,1 миң сом* (*мекемелер боюнча маалымат №9 тиркемеде).*
- бюджеттин кошумча эсептелген кирешелери - ***134,7*** *миң сом,* калыбына келтирилди - *52,8 миң сом* (*мекемелер боюнча маалымат №10 тиркемеде).*
- Соцфонддун кошумча эсептелген кирешелери - ***15,5*** *миң сом,* калыбына келтирилди - *3,1 миң сом* (*мекемелер боюнча маалымат №11 тиркемеде).*

Каржы бузуулардын аныкталган суммасынан калыбына келтирилгени - **67591,3** миң сом.

Бюджеттин резервдери жана жоготуулары - **25 622,9** миң сом суммасында аныкталган, анын ичинде:

- ТМБ жана эсептердеги каражаттардын ченемден ашыкча чыгымдалышы - *1584,7 миң сом* (*мекемелер боюнча маалымат №12 тиркемеде).*
- Бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоо – *12677,4 миң сом,* (*мекемелер боюнча маалымат №13 тиркемеде).*

- Эмгек акыларды төлөп берүүдө бузуулар – *3220,2 миң сом, (мекемелер боюнча маалымат №14 тиркемеде).*
- Бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары - *8140,6 миң сом,* калыбына келтирилди - *1317,2 миң сом (мекемелер боюнча маалымат №15 тиркемеде).*

Бюджеттин резервдери жана жоготууларынын аныкталган суммасынан - 1317,2 миң сом калыбына келтирилген.

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар - **123538,6** миң сом суммасында аныкталган, анын ичинен:

- ТМБ жана эсептердеги каражаттардын ченемден ашыкча корлору - ***9301,7*** *миң сом (мекемелер боюнча маалымат №16 тиркемеде).*
- Пландалган максатына жетпеген белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган каражат - ***114 166,5*** *миң сом (мекемелер боюнча маалымат №17 тиркемеде).*
- Жыл жыйынтыгы боюнча кассада пайдаланылбай калган каражаттардын калдыгы – **70,4** миң сом суммасында, анын ичинде: Жалал-Абад шаардык ОП жана МСЭКБ – 52,1 миң сом жана Баткен райондук ОП жана МСЭКБ – 18,3 миң сом.

**Корутунду**

1. Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругу толук эмес аткарылган. **2014-жылдын жыйынтыгы боюнча** 1 пункт жарым-жартылай аткарылган жана 1 пункт аткарылган эмес, негизинен: И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик медициналык академиясы боюнча пункт жарым-жартылай аткарылган, ал жерде, мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн алынган жалпы каражаттардан 30%ды республикалык бюджетке чегерүү талап кылынган, 2014-жылга - 1374,2 миң сом. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Кыргыз Мамлекеттик медициналык кайрадан даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту боюнча пункт аткарылган эмес, ал жерде, ижарага алган ашкана жайы үчүн, кыймылсыз мүлк боюнча 298,6 миң сом суммасындагы салыкты С.А. Араловадан өндүрүү талап кылынган. **2015-жылдын жыйынтыгы боюнча** 1 пункт аткарылган эмес, ал жерде, Кара-Балта медициналык колледжиндеги күнөөлүү адамдар тарабынан негизсиз эсептен чыгарылган 103,0 миң сом суммасындагы бензин жана негизсиз алынган 75,2 миң сом суммасындагы киреше өндүрүлгөн эмес. **2016-жылдын жыйынтыгы боюнча** 2.2-пункт жарым-жартылай аткарылган, ал жерде коомдук саламаттык сактоо уюмдарынын мамлекеттик бюджетин

түзүү жана аткаруу боюнча методикалык колдонмону кайрадан карап чыгуу талап кылынган.

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин бюджети **4 256,0 млн. сом** суммасында бекитилген, ал эми такталган бюджет бекитилген параметрлерден **178,9 млн. сомго же** 14,2 %га көбөйүү менен, **4434,9 млн. сомду** түзгөн. Кассалык чыгымдар **3685,6 млн. сомду** түзгөн, же бекитилген бюджетке каршы кассалык чыгымдардын аткарылышы 86,6%ды түзгөн, такталган бюджетке каршы - 83,1%.

3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан мамлекеттик инсвестициялар программаларынын алкагында 11 долбоор ишке ашырылууда, алардын бекитилген бюджети **1 021,7 млн. сомду** түзгөн, такталган бюджет - **430,4 млн. сом**, кассалык аткаруу – **407,4 млн. сом,** анын ичинен гранттык каражаттар 383,9 млн. сом жана кошо каржылоо 23,5 млн. сом. Мамлекеттик инвестициялар программасынын долбоорлору боюнча бекитилген параметрлер, кыргыз тарап ошондой эле донорлор тарап инвестициялык долборлордун ишке ашырылышын кечиктиргендигине байланыштуу, **531,3 млн. сомго** (55,2 %) азаюу менен, **430,4 млн. сомго** чейин азайтылган.

4. Саламаттык сактоо министрлиги жана донорлор тарабынан медициналык жабдууларды, медикаменттерди жана консультациялык кызматтарды сатып алуу боюнча тендерлерди өткөрүүдө жол-жоболор кечиктирилет. Тендердик документтерди жана товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча техникалык өзгөчөлүктөрдү донорлор менен макулдашуу процесси узакка созулат. Буга байланыштуу, сатып алуулар планынан артта калуу менен сатып алуулар жүргүзүлөт.

5. Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан борборлоштурулган иш-чаралардын сметасында конкреттүү бюджет алуучулар үчүн бөлүнгөн акча каражаттарын пландоо практикасы жүргүзүлөт, анын ичинен: ТТП менен КТПлардын эмгек акыларын жогорулатууга, саламаттык сактоо уюмдарга коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө, Дары-дармек менен касыздоо жана медициналык техникалар депатаментин күтүүгө суммалар.

6. Саламаттык сактоо министрлигинин Борбордук аппаратында борбордоштурулган иш-чаралардын каражаттарынын эсебинен, командировкалык чыгымдарга каражаттарды берүү, көпчүлүк учурларда аларды командировкага жөнөтүлгөн адамдардын тобуна карата, Саламаттык сактоо министрлигинин аппаратынын тизмесинин курманында турбаган бир отчет берүүчү адамга берүү жолу менен жүргүзүлгөн, бул болсо, КРУБдун Кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин туура келген

эмес, ал Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 14-мартындагы N 2018-П-13/8-7 токтомуна ылайык күчүн жоготкон.

7. Саламаттык сактоо уюмдары боюнча жогорку технологиялык кызмат көрсөтүүлөргө болгон керектөө толук көлөмдө эмес, б.а. 15,3 %дан 202,5 %га чейин канааттандырылат.

8. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан саламаттык сактоо уюмдары менен эсептешүүлөр бекитилбеген ФВТ-1 отчеттуулук формасында жүргүзүлөт.

9. Жогорку технологиялык (кымбат турган) медициналык жардамга муктаж болгондордун кезекте турган тизмеси (жамбаш сөөгү жана гемодиализ процедураларынан сырткары) калыс жана ачык түзүлгөндүгү күмөн жаратат, анткени, электрондук кезек жок, кагаз жүзүндө эркин формада түзүлөт.

10. Динамикада Фонддун каражаттарынын өздөштүрүлүшү талданган эмес, демек, Фонддун максаттарына жетишине мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

11. Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техникалар департаментиеде экспертиза функциясынан контролдоо-көзөмөлдөө функциясы бөлүнгөн эмес. Ошону менен бирге, 2017-жылы Департаменттин иши толук чарба жүргүзүү эсебинде жүргүзүлгөн, мамлекеттик бюджеттен каржыланган эмес. Мында, 2017-жылы Департаментти күтүүгө борборлоштурулган иш-чаралардын чыгымдар сметасы боюнча 81700,0 миң сом суммасындагы бюджеттик бөлүнгөн акча каражаттары секвестрирленген.

Департаментти киреше булактары болуп, дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды экспертизалоо жана сетификациялоо жүргүзүүдөн түшкөн каражаттар эсептелет, алар 03.07.2017-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мүмкүн агенттигинин (мындан ары – Мамагенттик) 14.04.2010-жылдагы №117 буйругу менен макулдашылган баалардын прейскуранттары менен жүргүзүлгөн. Бул буйрук, “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамдын 5-беренесинин 1-пунктуна ылайык, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестриндеги (тизмесиндеги) жогоруда көрсөтүлгөн акы төлөнүүчү кызматтардын жоктугуна байланыштуу, Мамагенттиктин 09.06.2017-жылдагы №23 буйругу менен алынып салынган жана 02.07.2017-жылдан тартып кызмат көрсөтүүлөр үчүн каражаттарды алуу токтотулган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-ноябрындагы №769 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы N 85 "Аткаруу бийлигинин органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө"

токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” токтомуна ылайык, Бирдиктүү реестрге Департаменттин 7 түрдөгү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрү киргизилген. Департаменттин акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр боюнча тарифтердин прейскуранттары, Мамганттиктин 12.12.2017-жылдагы №45 буйругу менен макулдашылган жана 12.12.2017-жылдан тартып кызмат көрсөтүүлөр үчүн алынган каражаттар жаңыртылган.

Кирешелер жана чыгымдар Казыналыктын тутумуна сырткары, «Оптима Банк» ААКсынын Бишкек борбордук филиалы аркылуу жүргүзүлгөн. 01.01.2017-жылга карата алыш-бериш эсебиндеги акча каражаттарын калдыгы 20797,9 миң сом суммасын түзгөн, ал жерде эсептелген салыктарды алып салуу менен таза киреше (КНС - 6769,4 миң сом жана сатык салыгы - 21,3 миң сом) **68 758,4 миң сом** суммасын түзгөн, анын ичинен, **10956,6 миң сом** мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестрине киргизилгенден кийин алынган.

Мында, “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тиешелүү реестрине киргизилбеген акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган киреше Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине толук көлөмдө алына тургандыгын белгилей кетүү керек.

Казыналыктын тутумунан сырткары жүргүзүлгөн чыгымдардын жалпы суммасы 2017-жылга карата **87 143,8 миң сом** суммасын түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-беренесине ылайык, Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелерди түзүүнүн жана пайдалануунун фактылары табылган учурда көрсөтүлгөн кирешелердин суммасы тиешелүү бюджеттин кирешесине кошуп эсептөөгө жатат.

2017-жылы Департаментти күтүүгө каралган борборлоштурулган иш-чаралардын чыгымдар сметасы боюнча 81700,0 миң сом суммасындагы бюджеттик бөлүнгөн акча каражаттарын секвестрирлөөнү эске алуу менен, Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары пайдаланылган кирешелердин **5443,8 миң сом** суммасындагы айырмасын, республикалык бюджетке алуу керек.

“Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, башка мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин мамлекеттик көзөмөлдөө, контролдоо жана лицензиялык талаптар боюнча функцияларды ишке ашыруу иштери мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча ишке кирбей жана Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарында белгиленген башкача тартипте жөнгө салына тургандыгын, белгилей кетүү керек. Буга байланыштуу, Саламаттык сактоо министрлиги Департаментте экспертиза функциясынан контролдоо-көзөмөлдөө функциясын бөлүүнү карашы керек.

12. ОПжанаМСЭК борборлорунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 21-майындагы №184 “Саламаттык сактоону программалык негизде каржылоо” токтомуна ылайык иштелип чыккан, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 7.08.2007-жылдагы № 291 буйругу менен бекитилген, “Беренесиз каржылоо шартында коомдук саламаттык сактоо уюмдарынын мамлекеттик бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы боюнча методикалык колдонмону” кайрадан карап чыгуу керек, анткени, жан башы принциби боюнча эсептелген айрым райондук (шаардык) борборлордун бюджетинин көлөмү Борборлордун минималдуу керектөөлөрүн жаппайт. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 16.02.2017-жылдагы №115 “2017-жылга коомдук саламаттык сактоо уюмдарын каржылоо ченемдерин бекитүү жөнүндө” буйругу менен бекитилген каржылоодон жогору райондук жана шаардык ОПжанаМСЭКБларды каржылоого жол берилген, бул болсо, 16 райондук жана шаардык ОПжанаМСЭКБлар боюнча - 12677,4 миң сомду түзгөн.

13. Кыргыз Республикасынын Президентинин 31.01.2017-жылдагы №ПЖ17 Жарлыгы менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын реестрине ылайык, ведомстволук бөлүмдүн жетекчисинин орун басары, административдик мамлекеттик кызмат болуп эсептелет, дайындоо тартиби 30.05.2016-жылдагы №75 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат. Бирок, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 18.03.2010-жылдагы №147 “Ведомстволук уюмдардын мамлекеттик кызматчылары жөнүндө” буйругуна ылайык, ОПжанаМСЭКД боюнча мамлекеттик кызматчылардын тизмесине болгону 2 бирдик: директор жана директордун орун басары кирет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 27-сентябрындагы №702 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик көзөмөл жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Жобонун 8.4-пунктуна ылайык, тамак-аш продуктыларына мамлекеттик көзөмөл, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык кызматынын (Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаменти, облустук, шаардык, райондук Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборлору) адистери тарабынан жүргүзүлөт. Буга байланыштуу, санитардык-эпидемиологиялык изилдөөлөр жана экспертиза жүргүзүү боюнча функциялардын бөлүнүшү каралашы керек.

14. Жүктөлгөн функционалдык милдеттерди өз учурунда аткаруу максатында, Саламаттык сактоо министрлигинин Борбордук аппаратынын

кызматкерлеринин жана өнүгүү долбоорлорунун консультанттарынын, колдонуудагы бекитилген ченемден сырткары айкалышытырып иштөө практикасы токтотулсун.

15. Электрондук саламаттык сактоо борборундагы колдонуудагы түзүм, анда каралган кызматтар аларга жүктөлгөн функционалдык милдеттерге туура келбейт. Штат програмисттерден жана статист врачтардан турат. негизги функция – электрондук саламаттык сактоо маселелери боюнча Саламаттык сактоо министрлигинин жана ММКФнын ишин методикалык уюштуруу, аналитикалык жана техникалык коштоо болуп эсептелет.

16. 2017-жылдын аягында Саламаттыкты сактоо министрлигинин жалпы мекемелери боюнча КММлардын **- 319,0 миң сом суммасындагы** ченемден ашык чыгымдары пайда болгон. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2011-жылдагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтомун бузуу менен, Жалал-Абад областтык ОП жана МСЭКБда 2 автотранспорт каражаттарынын ордуна 3 автотранспорт каражаттары бар.

17. Саламаттыкты сактоо мекемелерине транспорттук кызмат көрсөтүүдөн алынган кирешелердин эсебинен Министрликтин автобазасын күтүү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2011-жылдагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна карама-каршы келет, ал боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Иш башкармалыктарынын транспорттук ишканаларынан сырткары, транспорттук кызмат көрсөтүүдөн алынган кирешелердин эсебинен мамлекеттик органдардын жана бюджеттик мекемелердин атайын каражаттарын түзүүгө тыюу салынган.

18. Сатып алуулар планы баштапкы бекитилген бюджет менен байланышы жок, ошондой эле борборлоштурулган иш-чаралар боюнча сметага киргизилген толуктоолор жана өзгөртүүлөр синхрондуу жана ага шайкештиги көрсөтүлгөн эмес. Саламаттык сактоо жана социалдык коргоонун экинчи долбоору боюнча, Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүгүү ассоциациясынын ортосундагы каржылоо жөнүндө Макулдашуунун 2-тиркемесинин 1-бөлүмүнүн 4 (b)-пунктуна ылайык, Саламаттык сактоо министрлигинин сатып алуулар планы Дүйнөлүк банктын “Ден соолук” программасын ишке ашыруу боюнча Жыл сайынкы программалык иш (ЖПИ) менен макулдашылып иштелип чыккан эмес,

Дүйнөлүк банктын адистер тобунан келишинин жыйынтыгы боюнча түзүлгөн эстеткич жазууларда жазылган эскертүүлөрдү жана сунуштарды эске алуу менен иштелип чыккан.

19. 25/01/2017-жылдагы №0-12-2 контрактты аткарууда, «Фарм тренд» ЖЧКсынан окуу жайларынын компетенттүү эмес адамдары тарабынан даярдаган заводдун кепилдик сертификаты жок, шайкештик сертификаты жок туруп, жалпы 72801 АКШ доллары суммасындагы клиникалык эмес жабдуу-муляждар жана тренажерлор кабыл алынган.

21. «Росинбанк» ААКсынын филиалы «Росинбанк-Центр» "Документтик аккердитивдер үчүн унифицирленген эрежелер жана адаттар" Жобосун ("600 Эл аралык Соода палатасы" басылмасы) бузуу менен, сырткы көрүнүшү боюнча күмөн жараткан окулбаган документтерди бергендиги жөнүндө Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине маалымдабастан туруп, «Dutch Health» компаниясынын пайдасына аккредитивдерди аткарган, б.а. жеткирилген медициналык жабдуулар үчүн 830860 Евро суммасында төлөм жүргүзгөн. Саламаттык сактоо министрлиги «Dutch Health» компаниясынан 78835,5 миң сомдук медициналык жабдууларды кабыл алган (бухгалтердик эсеп боюнча жүргүзгөн) жана бөлүштүргөн. Мында, 27176,3 миң сом суммасындагы медициналык жабдуулардын бир бөлүгү, жабдууларга карата кислороддун концентраттары менен жеткирилген, алар контракттын шарттарына туура келбей калган.

21. Комплекстүү лабораториялар комлектисинин спецификацияларына ылайык, автоматтык панчер кирген, ал сатып алуучуга жеткирилген эмес, анын ордуна наркы 100 эсе төмөн механикалык панчер жеткирилген.

22. "Dutch Health BV" компаниясы белгиленген талаптарга туура келбеген тез жардамдын 15 автомашинасын берген. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги контракттын шарттарын жабдуучулар тарабынан аткарышы жөнүндө кепилдик милдеттемелери жок туруп, контракттын жалпы суммасынан 80% же 923238 евро төлөгөн. 1 жыл бою Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тез жардам машиналарын кабыл алган эмес, ал эми "Dutch Health BV" компаниясы акча каражаттарын кайтарган эмес жана автомашиналарды алмаштырбай келет.

23. 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жалпы 18961,2 миң сом суммасында 420,0 миң таңгак санындагы «Гүлазык» тамак-аш кошулмасын "UNISEF" аркылуу сатып алган, ал боюнча төлөмдөр 2016-жылы 13462,7 миң сом суммасында 2221100 «Жабдууларды жана материалдарды сатып алуу» беренесинен жана 5498,5 миң сом суммасында 22154900 «Жана башка кызмат көрсөтүүлөр менен байланышкан жана башка чыгымдар» беренесинен жүргүзүлгөн. «Гүлазык» мыйзамга ылайык дары-дармек каражаты болуп эсептелет, демек, чыгымдар 221700 «Медициналык товарларды жана кызмат

көрсөтүүлөрдү сатып алуу» беренесинин эсебинен жүргүзүлүшү керек. Ошондуктан, алардын классификациясы боюнча бул чыгымдар максатсыз деп эсептелет. Бюджетке калыбына келтирилген.

24. "Бишкек шаарындагы Энени жана баланы коргоонун улуттук борборунун алдында Перинталдык борбор" объектисинин сметалык наркы Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик документтерине курулуштун сметалык нарыкынын туура келиши эске алынбастан, милдеттүү (ыктыярдуу) экспертиза мамлекеттик органдар тарабынан өткөрүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги эл аралык конкурстук тооруктарды өткөрүү менен, «Тек Имаш» АКсына келишим түзгөн, ага кол коюу учурунда «Тек Имаш» АКсынын курулуш-куроо иштерине лицензиясы болгон эмес, келишимдин наркы 5,67 млн. еврону түзгөн. «Тек Имаш» АКсы 3-денгээлдеги лицензияны 12.06.2017-жылы алган, 2-денгээлдеги лицензия талап кылынгандыктан, аны 22.02.2018-жылы алган. 2017-жылдын 1-мартында «Тек Имаш» АКсы субподрячы катары «Би Билд» ЖЧКсын курулуш ишине тартуу жөнүндө келишим түзгөн, б.а. ал Кыргыз Республикасында курулуш-куроо иштерине лицензиясы жок кезде.

Курулуш иштерин факты жүзүндө Кыргыз Республикасында «Тек Имаш» АКсынын филиалы катары катталган "ТЕК-ИМАШ ИШ МАКИНАЛАРЫ МЮТЕАХИТЛИК МАДЕНЖИЛИК МЮХЕНДИСЛИК САНАЙИ ВЕ ТИЖАРЕТ" уюм аткарат, ал Кыргыз Республикасында курулуш-куроо иштерин аткаруу боюнча лицензияга ээ эмес жана келишимдин тарабы болуп эсептелбейт, демек, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдында кандайдыр бир ыйгарым укугу жана милдеттенмеси жок.

Келишим шарттары боюнча 15.12.2017-жылы аванс катары «Тек Имаш» АКсынын дарегине 510,4 миң евро же 42103,9 миң сом өлчөмүндө төлөм жүргүзүлгөн, ал дебитордук карыз (жашырылган) катары баланс жана эсептик каттоо боюнча көрсөтүлгөн эмес. 2018-жылы эсеп боюнча калыбына келтирилген.

25. "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын айрым талаптарын бузуулар Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин төмөндөгү мекемелеринде аныкталган: Жалал-Абад областтык Кан куюу борбору, Жалал-Абад областтык ОПжанаМСЭКБ, Сузак райондук ОПжанаМСЭКБ, Базар-Коргон райондук ОПжанаМСЭКБ, Ноокен райондук ОПжанаМСЭКБ, «Профилактикалык медицина» Өндүштүк эмес уюму, Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору, Медицналык-консультациялык кызмат көрсөтүү жана спорт медицина борбору, Жалал-Абад областтар аралык «Бакыт»

реабилитациялоо борбору, Жалал-Абад областтык борбору, Область аралык «Кочкор-Ата» медициналык реабилитациялоо борбору.

26. Райондук жана шаардык ОПжанаМСЭКБлар тарабынан, алардын аймагында турган объекттерди дезинфекциялоону толук эмес камтылбагандыгына байланыштуу, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн кирешелердин жоготуусуна жол берилүүдө.
27. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин айрым ведомстволук мекемелеринде, келишим милдеттенмелерин өз убагында аткарбагандыгы үчүн айып пул санкцияларын жана туумдарды төлөө боюнча акы төлөнүүчү кызматтардын кирешелердин жоготуусуна жол берилүүдө, ошондой эле алар келишим милдеттенмелерин өз убагында аткарбагандыгы үчүн жеткирүүчүлөргө айып пул санкциялары кошуп эсептелбейт.
28. “Эне жана баланы коргоонун улуттук борборуна караштуу Перинаталдык борборундагы колдонуудагы имаратты реконструкциялоо менен жаңы блокту кошумча куруу (тышкы тармактарды куруу)” объектиси боюнча курулуш иштери автордук көзөмөл жок жүргүзүлгөн. Жалпы **5 552, 4 миң сом** суммасында иштин көлөмүн ашыруу аныкталган, аныкталган ашыруу суммасы аудиттин жүрүшүндө подрядчы “Эко-Строй-Сервис” ЖЧКсынын аткарган ишинин көлөмүнөн алуу менен, толук калыбына келтирилген.
29. Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институтундагы капиталдык ондоо иштеринде МДС 81-01-2015-жылдагы “Кыргыз Республикасынын аймагындагы курулуштардын наркын аныктай турган методикалык көрсөтмөлөргө” ылайык эмес аткарылган иштерге актыларды түзүү аныкталган. Оңдоо иштерин жүргүзүү учурунда подрядчылар тарабынан колдонулуучу материалдарга шайкештик сертификаттары жана счет-фактурасы берилген эмес, бардык аткарылган иштер боюнча, жашырылган иштерге актылар түзүлгөн эмес. Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институту тарабынан келишимди аткарууну кепилдик камсыздоо (КАКК) боюнча төлөм талаптарына жетиштүү көңүл бурулган эмес.
30. Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институтундагы (ККжанаККДИИИ) республикалык бюджеттин кирешесине которулууга тийиш болгон, которулбай калган сумманын калдыгы 137,2 миң сомду түзгөн.
31. ККжанаККДИИИнин медициналык-реабилитациялоо борборунда аянты 351кв. метр болгон имаратты 10.10.2016-жылдан 09.11.2017-жылга чейин “Марлес” ЖЧКсы ижара акысын төлөбөстөн ээлеп турган. 08.09.2011-жылдагы №872 келишим боюнча ижара мөөнөтү бүткөнүнө

карабастан, “Марлес” ЖЧКсы өз ыктыяры менен имаратты бошотуп берген эмес. Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун 22.052017-жылдагы чечиминин негизинде, сот аткаруучулар тарабынан 09.11.2017-жылы “Марлес” ЖЧКсы көчүрүлгөн. Имаратты мыйзамсыз ээлеп алуудан келип чыккан жоготуулар - 393,3 миң сомду түзгөн.

32. Жалал-Абад медициналык колледжинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 17.06.2015-жылдагы №374 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө” Жобонун 2-пунктунун 18-пунктчасын бузуу менен, аукцион өткөрүлбөстөн туруп, жалпы аянты 96,0 чарчы метр болгон имарат коомдук тамак-аш жайы үчүн ижарага берилген. Мында ижара келишиминде ижарачы тарабынан коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгымдардын ордун толтуруу каралган эмес. Электр эсептегичинин көрсөткүчтөрү боюнча ижарачынын электр энергиясын керектөөдөн келип чыккан 7,5 миң сом суммасында чыгымын окуу жай негизсиз калыбына келтирген. Ошондой эле жогоруда келтирилген Жобонун 65-пунктунун 6-пунктчасын бузуу менен, келип түшкөн 150 миң сом ижара каражаты ыйгарым укуктуу органдын алыш-бериш эсебине которулган эмес.

33. Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институтуна жүргүзүлгөн аудитте жалпы суммасы 4193,5 миң сомго акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр акы алынбастан көрсөтүлгөндүгү, ошондой эле жалпы суммасы 69,3 миң сомго акы төлөнүүчү палаталарына акы алынбагандыгы жана аудиттин жүрүшүндө каттоого алынган, акы төлөнүүчү палаталардын демөөрчүлөр тарабынан берилген жалпы суммасы 1313,1 миң сомдук материалдык ресурстары каттоого алынбагандыгы аныкталган, алар ушул аудиттин жүрүшүндө кириштелген.

34. Аудитте ***Базар-Коргон райондук ОП жана МСЭКБдин*** балансында турган имаратка, ***Сузак райондук ОП жана МСЭКБ*** ээлеген жер участогуна жана Көк-Жаңгак участогундагы имаратка укукту белгилөөчү документтердин жоктугу аныкталган.

35. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан эмгек ресурстарына керектөөлөрдүн болжолу түзүлбөйт. Келерки жылга жогорку жана орто окуу жайларына окугандарды кабыл алуу көлөмү жана адистиктердин тизмеси, мурунку жылдын лицензиялаштырылган чектүү контингентине жараша саламаттык сактоо уюмдарынын каалоосу боюнча түзүлөт. Буга байланыштуу эмгек рыногу, квалификациялуу кадрларды даярдоонун ашыкча болгонунан улам аларга муктаж эмес, бул жогорку окуу жайлардын жана орто окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү арасында жумушсуздуктун өсүшүнө алып келүүдө.

И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине абитуриенттерди конкурстук кабыл алуу аяктагандан кийин кабыл алынган абитуриенттердин саны жөнүндө отчетту жана грант ээлеринин саны

боюнча квартал сайын маалыматтарды жана алар боюнча финансылык отчетторду бербейт.

36. И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында ченемден ашыкча 31 ординатор окуган. Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 28-майындагы №331 “Орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын окутууну каржылоо механизмин бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, **223,1** миң сом суммасында гранттын наркын 4 студент калыбына келтирүүгө тийиш, “академиялык жетише албагандыгына” байланыштуу – 39, алар боюнча бюджеттин жоготуулары - **2851,6** миң сомду түзгөн. Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 31.07.2007-жылдагы №303 “Ординатура жөнүндө” токтомунун 26-пунктуна ылайык, окууну бюджеттик негизде бүтүргөн ординаторанын жана интерндин 46 бүтүрүүчүсү бөлүштүрүлгөн багыты боюнча жумушка орношкон эмес. Натыйжада, гранттык негизде адистерди окутуу боюнча республикалык бюджеттин жоготуусу **7940,6** миң сомду түзгөн.

37. **Кара-Балта медициналык колледжинде** 2015-2016 окуу жылдары үчүн бюджеттик каражаттын эсебинен окуган үй-бүлөлүк жана башка шарттар боюнча окууга келбеген 19 студент окуудан чыгарылган. Натыйжада, гранттык негизде адистерди окутуу боюнча республикалык бюджеттин жоготуулары - **462,2** миң сомду түзгөн.

38. 2017-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде жана анын аймактык жана ведомстволук бөлүнүштөрүндө бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын, атайын эсептердеги кирешелердин жана чыгымдар сметасынын аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча **76 436,6 миң сомго** каржы бузуулар аныкталган, анын ичинен: **67591,3 миң сом** калыбына келтирилген.

**25 622,9 миң сом** суммасында резервдер жана бюджеттин жоготуулары аныкталган, анын ичинен, 1317,2 миң сом калыбына кетирилген.

Мындан сырткары, **123538,6 миң сом** суммасындагы рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар аныкталган.

**Сунуштар**

**1.** Аудиттин жыйынтыктары каралсын жана аныкталган каржы бузууларга жана кемчиликтерге мындан ары жол бербөө боюнча чаралар көрүлсүн.

**2.** 2017-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун №17,51 пункттары, 2015-жылга карата №20 пунктунун, 2016-жылга карата №2 пунктунун бөлүктөрүн аткаруу камсыздалсын.

**3.** Төмөндөгүлөр боюнча атайын эсептин каражаттарынын жана бюджеттик каражаттардын чыгымдалышын бузууга жана кемчиликтерге **жол берген адамдардын жоопкерчилиги каралсын:**

3.1 Төмөндөгүлөр боюнча эмгек акыларды негизсиз төлөө жана кошуп эсептөө: Базар-Коргон райондук ОП жана МСЭКБ[1], Сузак райондук ОП жана МСЭКБ, Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору, Жалал-Абад областтык репродукция борбору, “Кочкор-Ата” атындагы областар аралык медициналык реабилитациялоо борбору, Балдарды жана үй-бүлөнү реабилитациялоо адистештирилген борбору, Бакай-Ата райондук ОП жана МСЭКБ, Кара-Буура райондук ОП жана МСЭКБ, Кыргыз Мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институту, Каракол медициналык колледжи, Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү жана таяныч-кыймыл мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн реабилитациялоо борбору, Ош областтык соттук-медициналык экспертиза бюросу, Ош областтык адам репродукциялоо борбору, Оштогу атайын ооруканасы, Баткен областтык соттук-медициналык экспертиза бюросу, Кадамжай райондук ОП жана МСЭКБ, Кызыл-Кыя шаардык ОП жана МСЭКБ, Оорулардын профилактикалоо жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл Департаменти, ДДК жана МТ департаменти, Баткен областтык Кан куюу борбору, Кара-Балта медициналык колледжи, Жалал-Абад шаардык ОП жана МСЭКБ, Ноокен райондук ОП жана МСЭКБ, Жалал-Абад медициналык колледжи.

3.2 Төмөндөгүлөр боюнча жылуулук жана электр энергиясын жана ТМБлардын лимиттен ашыкча чыгымдары: Өзгөн райондук ОП жана МСЭКБ, Кара-Кулжа райондук ОП жана МСЭКБ, Баткен областтык медициналык-маалымат борбору, Баткен областтык Кан куюу борбору, Бишкек шаарындагы адистештирилген балдар үйү, “Родничок” балдар психоневрологиялык санаториясы, Манас райондук ОП жана МСЭКБ, Талас областтык кан куюу борбору, Талас областтык соттук-медициналык экспертиза бюросу, Дарылоо профилактикалоо мекемеси-студенттер бейтапканасы, Автобазасы, Сузак райондук ОП жана МСЭКБ, Ноокен райондук ОП жана МСЭКБ, Жалал-Абад Медициналык колледжи, “Профилактикалык медицина” БӨУ, Ысык-Көл райондук ОП жана МСЭКБ, Жалал-Абад обласстар аралык “Бакыт” реабилитациялоо борбору, “Ден-Соолук” Медициналык реабилитациялоо комплексине, Жалал-Абад областтык репродукциялоо борбору, Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техника департаменти.

3.3 Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги боюнча өнүктүрүү долбоорлорунун каражаттарынын жана борборлоштурулган иш-чаралардын каражаттарынын эсебинен сатып алууларды жүзөгө ашыруу, анын ичинде, тендердик документтерге туура келбеген медициналык жабдууларды борборлоштурулган иш-чаралардын каражаттарынын эсебинен - 27176,3 миң сом суммасында жана Немец өнүктүрүү банкынын (KfW) грантынын каражатына “Улуттук тез жардам

[1] Ооруларды профилактикалоо жана мамлекеттик санитар-эпидемиологиялык көзөмөл борбору

тутумун түзүү" долбоору боюнча 15 тез жардам автомашинасын – 75918,8 миң сомго.

3.4 Төмөндөгү мекемелер боюнча мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү мыйзам бузуулар: Жалал-Абад областтык Кан куюу борбору, Жалал-Абад шаардык ОП жана МСЭКБ, Сузак райондук ОП жана МСЭКБ, Базар-Коргон райондук ОП жана МСЭКБ, Ноокен райондук ОП жана МСЭКБ, Ак-Талаа райондук ОП жана МСЭКБ, "Профилактикалык медицина" ИӨУ, Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору, Бишкек ден соолукту чыңдоо борбору, Шаардык эндокринология диспансери, Спорттук медицина жана медициналык-консультациялык кызмат көрсөтүү борбору, Жалал-Абад областтар аралык "Бакыт" реабилитациялоо борбору, Жалал-Абад областтык репродукциялоо борбору, "Кочкор-Ата" атындагы областар аралык медициналык реабилитациялоо борбору, Жалал-Абад медициналык колледжи, Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институту.

3.5 Алардын аймагында жайгашкан объекттерди дезинфекциялоо толук эмес камтылгандыктан, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн келип чыккан кирешелердин жоготуулары, ошондой эле, келишимдик милдеттенмелер өз убагында аткарылбагандыгы үчүн, айып санкцияларын жана туумдарды төлөө.

3.6 И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында ординаторлорду Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан берилген лицензияда белгиленгенден ашыкча кабыл алуу боюнча.

**4. Төмөндөгүлөрдү калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:**

4.1 Баткен областтык СПИД менен күрөшүү жана профилактикалоо борбору боюнча акча каражаттарынын жана ТМБлардын кем чыгуусу - 1,5 миң сом, Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техника департаменти боюнча - 2,6 миң сом.

4.2. Төмөндөгүлөр боюнча эсептен чыгарылган материалдык баалуулуктар жана отчет берүүчү суммалар: Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү жана таяныч-кыймыл мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн реабилитациялык борбору – 1,6 миң сом, Ош шаардык балдарды жана үй-бүлөлөрдү атайын реабилитациялоо борбору - 13,7 миң сом, Лейлек райондук ОПжанаМСЭК - 19,0 миң сом, Каракол медициналык колледжи - 12,7 миң сом, Нарын райондук ОПжанаМСЭК - 5,7 миң сом, Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору - 20,4 миң сом, Базар-Коргон райондук ОПжанаМСЭК - 47,0 миң сом, Базар-Коргон район аралык реабилитациялоо борбору - 3,5 миң сом.

4.3. Төмөндөгүлөр боюнча курулуш-куроо иштеринин көлөмү ашырылган: Араван райондук ОПжанаМСЭК - 15,4 миң сом, Ош атайын ооруканасы - 10,7 миң сом, "Жалал-Абад шаарындагы Жалал-Абад

областтык бириктирилген клиникалык ооруканасынын травматология жана хирургия имаратына кошулган, шашылыш медициналык жардам бөлүмүнүн жаңы корпусун куруу” объектиси боюнча “Шашылыш медициналык жардам” долбоору – 1100,7 миң сом, Жети-Өгүз райондук ОПжанаМСЭК - 98,9 миң сом, Нарын райондук ОПжанаМСЭК - 38,6 миң сом.

4.4.Төмөндөгүлөр боюнча кредитордук карызды ашыруу жана дебитордук карызды эсепке алуу боюнча жашыруулар: Сузак райондук ОПжанаМСЭК - 67,2 миң сом, Базар-Коргон райондук ОПжанаМСЭК - 340,2 миң сом, Ноокен райондук ОПжанаМСЭК - 729,2 миң сом, Ысык-Көл райондук ОПжанаМСЭК - 76,8 миң сом.

4.5. Төмөндөгүлөр боюнча Соцфонддун кошумча эсептелген кирешелери: Кара-Кулжа райондук ОПжанаМСЭК - 2,5 миң сом, Каракол Карантин жана өзгөчө кооптуу инфекциялар бөлүмү - 7,4 миң сом, Жалал-Абад областтык "Бакыт" реабилитациялоо борбору - 2,5 миң сом.

4.6. Баткен райондук ОП жана МСЭК боюнча республикалык бюджетке салынган, бирок өндүрүлбөгөн айып санкциясы - 12,6 миң сом, ошондой эле кассада иштетилбей калган акча каражат калдыгы – 18,3 миң сом.

4.7. Каракол медициналык колледжи тарабынан эмгек акы боюнча ашыкча төлөнгөн 21,9 миң сом, мурдагы жылдардын өндүрүлбөгөн дебитордук карызы – 59,7 миң сом.

5. Республикалык бюджеттин кирешесине чегерүүнү жана өндүрүүнү камсыз кылуу боюнча иштер жүргүзүлсүн:

5.1 Төмөндөгүлөр боюнча Казыналыктын регионалдык бөлүмүн кыйгап өтүү менен пайдаланылган атайын эсептин каражаттары: Ош безгекке каршы бөлүмү - 2,6 миң сом, Баткен райондук ОПжанаМСЭК - 1,4 миң сом, Базар-Коргон райондук ОПжанаМСЭК - 32,2 миң сом, Жети-Өгүз райондук ОПжанаМСЭК - 36,5 миң сом, Республикалык Карантин жана өзгөчө кооптуу инфекциялар борборунун Ат-Башы Безгекке каршы бөлүмү – 14,1 миң сом, ДДК жана МТ департаменти - 5443,8 миң сом.

5.2 Судмедэкспертизанын Ош областтык бюросу боюнча мамлекеттик каражаттардын максатсыз пайдаланышы - 121,3 миң сом.

5.3 Төмөндөгүлөр боюнча бюджеттин кошумча кошуп эсептелген кирешелери: Судмедэкспертизанын Ош областтык бюросу боюнча - 1,9 миң сом, Талас медицина колледжи - 62,8 миң сом, Жалал-Абад медицина колледжи - 15,0 миң сом, Жалал-Абад "Бакыт" областтык реабилитациялоо борбору - 2,2 миң сом.

5.4. И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик медицина академиясынын гранттык негизде окуган 4 студентин окутууга чыгымдалган 223,1 миң сомдук бюджеттик каражаттар, ошондой эле ординатура менен интернатуранын ишке орноштурулбаган 46 бүтүрүүчүсү окутуунун наркы - **7940,6** миң сомду.

6. Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институту боюнча төмөндөгүлөр контролдонсун:

6.1 Ижара акысынын жеткире чегерилбеген 137,2 миң сом суммасындагы калдыгын республикалык бюджеттин кирешесине чегерүү жана негизсиз бекер көрсөтүлгөн 69,4 миң сом суммасындагы акы төлөнүүчү кызматтарды өндүрүү.

6.2 Акы төлөнүүчү кызматтардан бейтаптарды негизсиз бошотуп, кирешелердин жоготуусуна жол берген адамдардын жоопкерчилигин кароо;

6.3 Кыргыз курортология жана калыбына келтирүү менен дарылоо илимий-изилдөө институтунун Медициналык-реаблитациялоо борборундагы имаратты "Марлес" ЖЧКсы мыйзамсыз ээлеп турган мезгил аралыгындагы 393,3 миң сом суммасындагы ижара акысынын кирешелерин калыбына келтирүү боюнча иштерди жүргүзүү.

6.4. Сый акыларды төлөөнү колдонуудагы мыйзамга ылайык келтирүү.

7. 2017-жылы саламаттык сактоо уюмдары боюнча 9301,7 миң сом суммасында аныкталган, алыш-бериш эсептериндеги калдыктарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды ченемден ашык корлорун, №16-тиркемеге ылайык 2018-жылдагы өздөштүрүүнү талдоону эске алуу менен, каржылоодо чегерүү.

8. Төмөндөгү маселелер каралсын:

8.1 контролдоо-көзөмөлдөө функциясын экспертиза жана санитардык-эпидемиологиялык изилдөөлөрдү өткөрүү боюнча мамлекеттик кызмат көрсөтүү функцияларынан бөлүүнүн максатка ылайыктуулугу, ошондой эле аларда мамлекеттик кызматка кирген кызматтар тизмесин аныктоо;

8.2 Жыйынтыкка багытталган Электрондук саламаттык сактоо борборунун кызматкерлеринин эмгек акы өлчөмдөрүн жана шарттарын аныктоо.

9. Борборлоштурулган иш-чаралардын сметасында конкреттүү бюджет алуучулар үчүн багытталган бөлүнгөн акча каражаттарын пландоо практикасы токтотулсун, анын ичинен, ТТП менен КТПлардын эмгек акыларын жогорулатууга, саламаттык сактоо уюмдарынын коммуналдык кызматтарына, Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техника департаментин күтүүгө суммалар.

10. Жогорку технологиялар фонду саламаттык сактоо уюмдары менен эсептешүүнү, бекитилген ФВТ-1 отчеттуулук формасы боюнча жүргүзсүн.

11. Медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат турган) түрлөрүн көрсөтүүдө, кезекке тургандардын бирдиктүү формасы иштелип чыксын жана жайылтылсын.

12. Жогорку технологиялар фондунун каражаттарынын өздөштүрүлүшүнө талдоо жана алар боюнча коюлган максаттарга жетишине мониторинг жүргүзүлсүн.

13. Жүктөлгөн функционалдык милдеттерди өз убагында аткаруу максатында, негизги иш боюнча функциясын аткарууга зыян келтирүү менен, Саламаттык сактоо министрлигинин Борбордук аппаратынын кызматкерлеринин ишти айкалыштырып иштөөсү боюнча практика токтотулсун.

14. Өнүгүү долбоорлорун өз учурунда ишке ашырылбагандыгы жана сатып алууларды жүргүзүү бөлүгүндө жол берген кемчиликтер үчүн, Министрликтин эл аралык долбоорлор ишине консультанттарды мындан ары кайрадан тартылышынын максатка ылайыктуулугу каралсын.

15. Министрликтин өзүндө жана айрым саламаттык сактоо уюмдарында транспорт каражаттарын жоюу эсебинен, тиешелүү каражаттарды карап чыгуу менен, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Автобазасынын ишин бюджеттик каржылоого которуу боюнча чаралар көрүлсүн.

16. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, бекитилген бюджетке байланыштырып, сатып алууларды пландоо камсыздалсын, анын ичинен, донордук каражаттардын эсебинен сатып алуулар, алар менен жыл сайынкы программалык иштер боюнча макулдашуу аркылуу.

17. Жеткирүүчүлөр тарабынан шарттардын толук аткарылышы, анын ичинен медициналык жабдууларга сертификаттарды талап кылуу катуу контролдолсун, ошондой эле жеткирилген адистештирилген жабдууларды жана медициналык буюмдарды мындан ары кабыл алуу, квалификациялуу адистердин катышуусу менен жүргүзүлсүн.

18. Электрондук саламаттык сактоо борборундагы колдонулуп жаткан түзүм жана штаттык кызматтар, аларга жүктөлгөн функционалдык милдеттерге ылайык келтирилсин.

19. Жогорку жана орто медициналык окуу жайларына абитуриенттерди кабыл алууну жүргүзүү, эмгек ресурстарына болгон керектөөнү болжолдоо негизинде камсыздалсын.

**Аудиттин жыйынтыгы боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине - отчет;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына – отчет;
- Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин катчылыгына – отчет;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө – отчет жана сунуштар;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине – жазма буйрук жана сунуштар;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине – отчет, жазма буйрук жана сунуштар;
- Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына - отчет жана өнүгүү долбоорлорунун жана борборлоштурулган иш-чаралардын каражаттарынын эсебинен жүргүзүлгөн сатып алуулар боюнча айрым материалдар жөнөтүлсүн.